**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ**

**А.А.АЛТМЫШБАЕВ атындагы ФИЛОСОФИЯ, УКУК ЖАНА СОЦИАЛДЫК-САЯСИЙ ИЗИЛДӨӨ ИНСТИТУТУ**

**К.КАРАСАЕВ атындагы**
**БИШКЕК МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШ Д 09.19.591**

**Кол жазма укугунда**

**УДК:** 7.01 (575.2) (043.3)

**Елеманова Саида Абдрахимовна**

# КАЗАК САЛТТУУ МУЗЫКАЛЫК МАДАНИЯТЫ ЖАНА АНЫН АЗЫРКЫ АБАЛЫ

17.00.02 – музыкалык искусство

искусство таануу илимдеринин доктору окумуштуулук
даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын
**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**Бишкек - 2021**

Диссертациялык иш Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын А.А.Алтмышбаев атындагы философия, укук жана социалдык-саясий изилдөө институтунун искусство таануу бөлүмүндө аткарылды.

**Расмий оппоненттери:**

**Дюшалиев Камчыбек Шаменович**
искусство таануу илимдеринин доктору,
К.Молдобасанов атындагы Кыргыз улуттук консерваториясынын кыргыз жана дүйнөлүк музыкалык маданият кафедрасынын профессору

**Янов-Яновская Наталия Соломоновна**
искусство таануу илимдеринин доктору, профессор,
Өзбекстандын композиторлор союзунун мүчөсү

**Михайлова Алевтина Анатольевна**
искусство таануу илимдеринин доктору, профессор,
Л.В.Собинов атындагы Саратов мамлекеттик консерваториясынын элдик ырдоо жана этномузыкология кафедрасынын башчысы

**Жетектөөчү мекеме**: Казак улуттук искусство университетинин музыка таануу жана композиция кафедрасы, дареги: Казахстан, 0100000, Нурсултан ш., Тауельсиздик проспектиси 50.

Диссертациялык иш 2021-жылдын “5” -мартында саат 13.00 дө. Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын А.А.Алтмышбаев атындагы философия, укук жана социалдык-саясий изилдөө институтуна, К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетине караштуу философия илимдеринин доктору (кандидаты), маданият таануу жана искусство таануу боюнча кандидаттык диссертацияларды коргоо үчүн түзүлгөн Д 09.19.591. диссертациялык кеңештин жыйынында корголот. Дареги: 720071, Бишкек шаары, Чүй проспектиси, 265-а.

Диссертация менен Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Борбордук илимий китепканасынан (720071, Бишкек шаары, Чүй проспектиси, 265-а.) жана К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин китепканасынан (Бишкек шаары, Тынчтык проспектиси 27) жана диссертациялык кенештин сайтынан таанышууга болот www.fil.kg. Коргоонун идентификатору: 256-059-5631, паролу: 19932510.

Автореферат 2021-жылдын 5-февралында таркатылды.

**Диссертациялык кеңештин**
**окумуштуу катчысы, философия**
**илимдеринин кандидаты,**
**ага илимий кызматкер** **Асанов Ж.К.**

# ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Аталган иш өзүнө казак салттуу музыкалык маданиятын этномузыкалык таануучулук изилдөөнү камтып турат. Автор генезисти, мазмунун жана маданий маңызын, андан тышкары ар кыл региондордун музыкалык фольклорун, эпикалык, аваздык жана аспаптык салттарын камтыган нукура казак салттарынын заманбап абалын изилдейт. Азыркы салттуу музыкалык маданият маданий-тарыхый, социологиялык жана музыкалык-стилистик ыкмалар менен бирдикте бүтүндүк катары изилденет, ал эми казак маданиятынын салттарынын заманбап турмушунун жана сакталуусунун маселелери дүйнө элдеринин материалдык эмес маданий мурасынын изилдөөдөгү жана сактоодогу актуалдуу дүйнөлүк тенденциялардын алкагында каралат.

Изилдөөнүн актуалдуулугу дүйнө элдеринин салттуу маданиятына, анын маңызына жана тагдырына болгон кылдат көңүл буруу менен шартталган. Калыбы, бүгүнкү казак салттуу маданияты сакталуусу жана өнүгүүсү үчүн болгон объективдүү шарттардын жоктугунда, андан тышкары илимий аныктаманын жана маани-маңызынын татаалдыгында начар камсыз болгон, ал эле эмес андан аркы жашоосу үчүн кооптуу болгон абалда турат. Салттуу музыкалык маданияттын алып жүрүүчүлөрү – аспапчылар менен ырчылар, эпикалык (дастан) айтуучулар өзүнүн искусствосун өткөрүп бербестен, шакирттери жок, жолун улантуучуларды тарбиялай албай турмуштук “сценадан” акырындык менен чыгып калышууда.

Экинчи жагынан, салттуу маданиятты изилдөөнүн маанилүүлүгү азыркы коом менен гуманитардык илимдин улуттук маданий мураска, адамзат маданиятынын башаттарына, анын маани-маңызына жана өнүгүүсүнүн перспективаларына болгон зор кызыгуу менен аныкталат. Аталган маселелерди кароо эбак эле 2001-2005-жж. өткөн адамзаттын оозеки жана материалдык эмес мурасынын шедеврлери Бүткүл дүйнөлүк конкурстарды (Masterpieces of Oral and Intangible Heritage of Humanity) уюштурууга катышкан салттуу музыка боюнча Эл аралык Кеңеш (ICTM) сыяктуу ири эл аралык коомдук уюмдардын ишмердүүлүгүндөгү бүтүн багыт болуп калды.

Салттуу музыка боюнча Эл аралык Кеңеш планетанын бардык континенттеринде биеналдык Бүткүл дүйнөлүк ICTM конференцияларын өткөрүп келет.

Казахстанда эки жарым он жылдыктан ашуун мезгилден бери «Маданий мурас» Мамлекеттик программасы ийгиликтүү жүзөгө ашырылып келет. Аталган программанын экинчи кезеги материалдык эмес маданий мурас (музыкалык жана оозеки фольклор, салттуу прикладдык жана прикладдык эмес искусство) менен тыгыз байланышкан. 2006-жылы ишке киришкен 2003-жылдагы материалдык эмес мурасты сактоо тууралысындагы Юнесконун Конвенциясы Казахстанда 2011-жылдын декабрында ратификацияланган. Бул өз кезегинде материалдык эмес мурасты “мыйзамдаштырууну” эле эмес, салттуу маданиятты сактоо, андан тышкары салттуу искусство чөйрөсүндөгү илимий изденүүлөрдү активдештирүү боюнча уюштуруучулук иш-аракеттерди интенсификациялоо зарылчылыгын да “мыйзамдаштырууну” да шарттайт.

Автор А.Байбурин (1985, 1993), Ю.Лотман (1970), Е.Мелетинский (1974, 2004), Е.Новик (1984), А.Сохор (1980), О.Фрейденберг (1978), Н.Шахназарова (1983) сыяктуу маданият таануучулардын, социологдордун жана музыканын эстетиктеринин, семиотиктеринин, интонация жана музыкалык тил теориясы менен ойлому маселелери боюнча иштеген М.Арановскийдин (1974, 1975, 1998), М.Бонфельддин (1996), А.Сохордун (1980), монодия теориясы боюнча С.Галицкаянын (2015), А.Азимованын (1989) эмгектерине таянат.

Аталган эмгек үчүн советтик/россиялык этномузыка таануучулар И.Земцовскийдин (1976, 1982, 1989), И.Мациевскийдин (1987, 2007) эмгектери чон мааниге ээ, анткени аталган тармактагы музыкалык көрүнүштөр оозеки маданияттын феномендери, жаралуусунун өзү жана жашоосу, андан тышкары салттар менен гана орногон аткаруучулук өзгөчөлүк катары каралат. Диссертациянын авторунун көз караштары казахстандык фольклордук-этнологиялык жана филологиялык ж.б. илимдердин алкагында калыптанган, алардын өкүлдөрүнө М.Ауэзов (1961), Е.Турсунов (2004), А.Толеубаев (1991) ж.б. кирет.

**Диссертациянын темасынын приоритеттүү илимий багыттар, ири илимий программалар (долбоорлор), билим берүү жана илимий мекемелер тарабынан жүргүзүлүүчү негизги илимий-изилдөө иштери менен болгон байланышы**. 2018-жылы республикада «Рухани жаңғыру» (руханий жаңыруу) Президенттик программасын жүзөгө fishee башталган, ага байланыштуу «Мәңгілік ел» (гуманитардык илимдер тармагындагы фундаменталдык жана прикладдык изилдөөлөр) программасынын илимий негиздери иштелип чыккан. Диссертациянын темасы менен материалы 2019-2021-жж. гранттык каржылоо конкурсуна катышуучу «Талаа фольклорунун (музыка) антологиясы» долбоорунун бир бөлүгү болуп эсептелет.

**Изилдөөнүн максаты менен милдеттери.** Диссертациянын негизги максаты казак салттуу музыкалык маданиятын анын генезисинин, эволюциясынын, маани-маңыздарынын жана стилистикасынын аспектисинде кароодо турат.

Белгиленген максатка ылайык төмөндөгүдөй **милдеттери** аныкталды:

1.этномузыка таануунун жана салттуу музыкалык маданияттын – салттардын, алып жүрүүчүлөрдүн, коомчулуктун негизги түшүнүктөрүн аныктоо;

2. ырым-жырым жана ырым-жырымдык музыкалык маданият түшүнүктөрүн аныктоо;

3. үрп-адаттык жанрлардын музыкалык компонентинин окшош болуу себептерин аныктоо;

4. казак шаманчылыгынын/бакшылыгынын өзгөчөлүктөрүн жана маданияттагы Коркуттун ордун аныктоо;

5. музыкалык маданияттагы сакралдуулук түшүнүгүн аныктоо;

6. казак ырым-жырымдык маданияттын өзгөчөлүктөрүн жана анын ырым-жырымдык эмес музыкалык жанрлар менен болгон бирдиктүү иш-аракеттерин ачып берүү;

7. казактардын салттуу музыкалык маданиятынын түзүлүшүн фольклордун, өздүк ишмердик чыгармачылыктын, оозеки жана жазма маданияттын кесипкөйлүк салттарынын көз карашында аныктоо;

8. казактардын фольклорунун жана салттуу музыкасынын маданий маныздарын аныктоо;

9. музыкалык тилдин келип чыгуусун, эволюциясын жана ар кыл региондордун оозеки-кесипкөйлүк аспаптык салттарынын стилистикасын кароо;

10. Казахстандын материалдык эмес маданий мурасын сактоонун милдеттери менен маселелерин аныктоо.

**Иштин илимий жаңылыгы.** Изилдөөнүн илимий жаңылыгы төмөнкүдө турат:

-этномузыка таануучулук координаттары системасы – музыкалык салт, алып жүрүүчү, коомчулук системасы киргизилди, аларды казак оозеки маданиятын изилдөөдө колдонууга болот жана салыштырмалуу жаны мүнөзгө, андан тышкары белгилүү бир теоретикалык мааниге ээ болот;

-ырым-жырымдын, үрп-адаттын глобалдуу маданий мааниси жана анын казак музыкалык фольклоруна жана салттуу музыкасына тийгизген таасири ачылып берилди. Ырым-жырым жаны идеялык көз карашта каралып, олуттуу бир денгээлде салттуу маданиятты түшүнүүнү терендетип, методологиялык мааниге ээ болот. Ушуга байланыштуу аталган жобонун теоретикалык мааниси жогору;

-салыштырмалуу жаны илимий-практикалык натыйжа болуп ырым-жырымдык ыйлоонун маанилүүлүгү жана функционалдуулугу туурасындагы пикир эсептелет, ал символдук иш-аракеттердин, ырлардын жана келиндин коштошуу ырларынын жана жоктоо ыйларынын текстеринин дал келүүсү менен тастыкталат;

-жарым-жартылай жаны натыйжа болуп, казак Коркуту/Коркыты –алгачкы музыкант, музыканын жана биринчи музыкалык аспаптын түзүүчүсү, бардык кийинки катмардуулук, анын ичинде Коркуттун образынын мусулмандык чечмелениши – элдик дүйнө көз караш менен дескралдашуу эволюциясынын көрсөткүчү;

-ырым-жырым жана ырым-жырымдык ырлар жана оюндар казак музыкалык фольклорунун жана салттуу музыкасынын руханий негизи болуп эсептелүү менен алардын сакралдуулугун жараткандыгы далилденди. Салттуу музыкалык маданияттагы сакралдуулук түшүнүгүнүн келип чыгуусу жана эволюциясы ачылып берилген;

-фольклор менен салттуу музыкадагы маданий маныз түшүнүгү киргизилип, олуттуу түрдө салттуу маданиятты комплекстүү изилдөөдөгү методологиялык ыкмаларды байытат;

-оозеки салттын кесипкөйлүгү туурасындагы маселени андан аркы теоретикалык иштеп чыгуунун натыйжасында салттын, коомчулуктун алып жүрүүчүсүнүн социалдык-маданий статусунун мааниси ачылып берилген, кесипкөйлүктүн натыйжалары же алардын жоктугу көрсөтүлдү;

-оозеки кесипкөйлүктүн казак шамандык, эпикалык жана аспаптык салттарга таралуусу көрсөтүлдү;

- музыкалык тил менен ойломдун категорияларын аркиндик салттагы казак оозеки-кесипкөйлүк ыры жаатында колдонуунун аркасында анын музыкалык-тилдик, стилистик жана композициялык түзүлүшүнүн эстетикалык табияты жана негизги принциптери ачылып берилген;

-материалдык эмес маданий мурасты сактоонун жана өнүктүрүүнүн концептуалдуу негизи сунуш кылынды.

Мындай маселенини алкагында жана көлөмүндө музыкалык фольклордун келип чыгуусу жана мааниси, салттуу музыкалык искусствонун музыкалык семантикасы азыркыга чейин чечилбей, бирок ата-мекендик музыка таанууда коюла элек.

**Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү.** Изилдөөнүн материалдары эки монография түрүндө жарык көргөн: «Казахское традиционное песенное искусство» (2000-ж.) жана «Наследие тюркской культуры (Исторический обзор казахской традиционной музыки) (2012). Жүздөн ашуун макаласы ар кыл басылмалар менен өлкөлөрдө (Россия, Казахстан, Кыргызстан, Таджикистан, УлууБритания, АКШ, Түштүк Корея), анын ичинде УлууБританиянын (2019) “Grove Dictionary”, Sage Encyclopedia жарык көргөн. Автордун макалалары менен иштеп чыгуулары өткөн кылымдын 80-жылдарынан баштап окуу куралдары катары кеңири колдонулуп келет, алар автор тарабынан Казак улуттук консерваториясында (Алматы) жана Казак улуттук искусство университетинде (Астана) иштелип чыгып, окулган «Элдик музыкалык чыгармачылык», «Салттуу музыка жана фольклор» жана «Казак музыкасынын тарыхы» курстарынын типтик программаларына кирген, «Музыка» предмети боюнча (тең авторлош) 6 китеп жана орус, казак тилдериндеги ДМШ жана музыкалык колледждер үчүн чыгарылган. Казак салттуу музыкасынын, анын ичинде Ксавье Алле жана Фредерик Леотар «Кобыз» менен тең авторлоштукта даярдалган «Асыл мура» (15 дисктен ашуун) долбоорунун жазуусу менен 30 дан ашуун дисктери жарыка чыгарууга болгон даярдыгы чоң мааниге ээ болгон. Париждеги дүйнөлүк маданияттар үйүндөгү шамандардын байыркы виоласы, казак салттуу музыкасы туурасындагы толук метраждуу документалдуу фильмдин сценарийи (1997-ж. - «Прикосновение» орус тилинде жана «Саз құдыреті» казак тилинде жана 2016-ж. - англис тилиндеги архиндик аваздык салттын заманбап аткаруучулугу туурасындагы 10 видео). Практикалык мааниге диссертанттын салттуу музыкалык маданият менен байланышкан маданий, илимий жана билим берүүчүлүк иш-чараларды уюштуруу боюнча ишмердүүлүгү да ээ: Астанада жана Кызыл-Ордодо (2010, 2011, 2014, 2017-жж.) илимий-практикалык эл аралык семинарларды жана конференцияларды уюштуруу менен айкалышкан түрк элдеринин (1989-Азиянын салттуу музыкасы, 1994-түрк элдеринин музыкасы 1-симпозиумунун алкагындагы түрк элдеринин музыка фестивалы, 1995, 1996, 1997, 1998, 2000, 2001 – «Улуу Талаанын Музыкасы» жана 2002 – «Байыркы Турандын Обондору») салттуу музыкасы боюнча фестивалдарды жана концерттерди

өткөрүү. 2015-жылы Казак улуттук искусство университетинде ICTM (Салттуу музыка боюнча Эл аралык Кеңеш) 43-Бүткүл дүйнөлүк конференция өткөрүлгөн (диссертант – Локалдык уюштуруу комитетинин тең төрагасы).

Тема, материал жана изилдөөнүн өзү Юнесконун материалдык эмес маданий мурас репрезентативдик тизмесинин үч номинациясын даярдоо үчүн түздөн-түз практикалык мааниге ээ (биринчи улуттук номинация – «Казак домбралык күү искусствосу» 2014-жылы тизмеге киргизилген), «Кобызды даярдоо жана кобыздык күүлөр искусствосу», «Казак улуттук аваздык искусствосу» (2020-жылы берүү пландаштырылууда).

**Диссертациянын коргоого коюлуучу негизги жоболору:**

1. Музыкалык салт, алып жүрүүчү жана коомчулук түшүнүктөрү казак салттуу маданиятында структуралык, социологиялык жана музыкалык-тилдик параметрлерди бириктирүүчү негизги түшүнүктөрдөн болуп эсептелет.

2.Ырым-жырым жана ырым-жырымдык музыкалык маданият салттуу музыкалык маданияттын негизинде болуп анын сакралдуулук сыяктуу сапатын жаратат.

3.Келиндин үйүндөгү үйлөнүү-тойунун адаттык кырдаалы менен сөөк коюу үрп-адатынын окшоштугу символикалык иш-аракеттердин, ырлардын, келиндин коштошуу жана жоктоо ырларынын текстеринин дал келишүүсү менен тастыкталат.

4. Коркут –Алгачкы музыкант, музыканын жана музыкалык аспаптын биринчи түзүүчүсү, бардык кийинки катмардуулук, анын ичинде Коркуттун образынын мусулмандык чечмелениши – элдик дүйнө көз караш менен дескралдашуу эволюциясынын натыйжасы.

5. Фольклордун жана оозеки-кесипкөйлүк салттардын маданий маңызы түшүнүгү музыкалык көрүнүштөр менен социалдык жана социалдык-маданий институттар ортосундагы байланышты орнотот.

6.Маданияттагы ырым-жырымдык жана ырым-жырымдык эмес жанрлардын бирдиктүү иш-аракеттери алардын бири-бирине сүңгүп кирүүлөрүндө турат, ал болсо маданияттын бүтүндүгүн жана анын өнүгүүсүн, андан тышкары бүтүндүгүн камсыз кылат.

7. Салттардын социалдык-маданий факторлордун жашоосунан болгон көз карандылыгы жана аны кесипкөйлүк менен байланышта маданияттын социалдык структурасында кайра өндүрүү мүмкүнчүлүгү аныкталды.

8. Тилдин алып жүрүүчүсүнүн эле эмес, бардык коомчулуктун да интерактивдик табиятын (жандуу оозеки) эске алуучу этномузыкологиядагы музыкалык тил түшүнүгү колдонулду.

9. Музыкалык искусствонун тили  элдик-кесипкөйлүк аваздык салтта казак салттуу маданиятын кесипкөйлөштүрүүнүн натыйжасы катары калыптанат.

10. Өткөндүн тажрыйбасын, азыркынын практикасын, келечектин моделин камтып турган казак салттуу музыкалык материалдык эмес маданий мурасты сактоо зарылчылыгы.

Диссертацияда казак элдик адаттык жана Жетысунун, Арканын, Чыгыш Казахстандын, Тургайдын, Уралдын, Атыраунун, Мангыстаунын, Арал-

Казалынын, Кармакшынын ар кыл региондорунун күнүмдүк фольклордук, оозеки-кесипкөйлүк аспаптык, аваздык жана эпикалык/сүйлөмдүк салттар, андан тышкары казак салттуу музыкалык маданиятынын курамы, түзүлүшү, мазмуну жана азыркы абалы изилденет.

Пайда болуусу, эволюциясы жана семантикасы менен байланышкан казак салттуу музыкалык маданиятынын белгилерине бир иште ар тараптуу жана толук мүнөздөмө берүү мүмкүн эмес. Бардык этникалык маданияттын терендиги сонуна чыгып калбашы керек, бирок жогоруда айтылган ар бир аспектинин иштелип чыгуусунун мааниси убакыттын өтүшү менен төмөндөбөйт, тескерисинче жогорулайт.

**Изденүүчүнүн жеке салымы.** Диссертациялык изилдөө изденүүчү тарабынан өз алдынча аткарылып, өзүнө казак салттуу музыкалык маданиятты изилдөө боюнча көп жылдык натыйжасын камтып турат. Иште берилген жоболор теоретикалык изденүүлөрдүн жана автордун практикалык ишмердүүлүгүнүн негизинде негизделип, аргументтештирилди.

Тема, материал жана изилдөөнүн өзү ЮНЕСКОнун материалдык эмес маданий мурасынын репрезентативдик тизмесиндеги үч номинацияны даярдоо үчү түздөн-түз практикалык мааниге ээ (биринчи улуттук номинация – “комузду жана комуздук күүлөрдү даярдоо искусствосу”, “Казак салттуу ыр искусствосу” (2021-жылы берүүгө даярдалууда).

**Изилдөө натыйжаларын апробациялоо.** Докторлук диссертациянын текстин даярдоо иши Курмангазы атындагы Казак улуттук консерваториясынын докторантурасында 1998-жылы башталып, 2000-жылы «Казак салттуу ыр искусствосу» деп китеп түрүндө жарык көргөн, ал кафедрада соңуна чыгып, ошол эле жерде талкууга алынган. Изилдөөнүн ар кыл аспектилери Москвада (СССР) 1986-жылы фольклордук комиссиянын Бүткүл союздук семинарында, 1997-ж. салттуу музыка фестивалынын алкагындагы мастер-класста Сеулда (Түштүк Корея), 2002-жылы орус тилин окуу коомунун жыл сайын өтүүчү конференциясында Мэдисондо (АКШ), Душанбедеги (Таджикистан) «Фалак жана Борбордук Азия элдеринин көркөм салттары» Эл аралык конференциясында 2004-жылы, Бишкектеги (Кыргыз Республикасы) «Салттуу музыка: сактоо, жазуу жана өнүктүрүү маселелери» Эл аралык семинарында, 2006-жылы Лондондо (УлууБритания) «Устат-шакирт: ыраатуулук маселелери» Эл аралык конференциясында (SOAS), 2007-жылы Венадагы (Австрия) ICTM 39-конференциясында жана 2009-жылы Дурбандагы (ЮАР) ICTM 40-конференциясында, 2011-жылы Сент-Джонстогу (Канада) ICTM 41-конференциясында, канондук жана канондук эмес искусствонун теоретикалык маселелери Делидеги (Индиядагы) жана Шанхайдагы (КНР) ICTM 42-конференцияда, 2015-жылы Астанадагы (Казахстан) казак музыкалык тилин жана салттуу музыканттардын музыкалык билимдерин изилдөө маселесине арналган ICTM 43-конференцияда, 2017-жылы Лимерикадагы (Ирландия) ICTM 44-конференцияда, 2018-жылы Бакудагы (Азербайджандагы) (ISME) музыкалык билим боюнча Эл аралык коомдун 33-Бүткүл дүйнөлүк конференциясында берилген. Материалдык эмес маданий мурасты жана

аудиовизуалдык этномузыкологияны сактоо маселелери 2016-жылы Люблянедеги (Словения) ICTM аудиовизуалдык этномузыкологиянын изилдөөчүлүк тобунун 1 симпозиумунда жана Горициядагы (Италия) италиялык фольклордук союздун эл аралык конференциясында көтөрүлгөн. Андан тышкары, теманын кээ бир аспектилери ICTM изилдөөчүлүк топторунун отурумдарында: Кембриждеги (Улуубритания, 2012), Стамбулдагы (Турция, 2014), Алматыдагы (Казахстан) жана «Макам» Бакудагы (Азербайджан, 2013) «Түрк тилдүү элдин музыкасында» талкууга алынган.

**Диссертациянын натыйжаларынын басылмалардагы чагылуусунун толуктугу:** Диссертациянын негизги натыйжалары менен теоретикалык жоболору 45 басылмада чагылдырылган.

**Диссертациянын структурасы жана көлөмү** изилдөөнүн максаттары менен милдеттерине багындырылган. Диссертация киришүүдөн, 10 параграфты камтыган беш баптан, корутундудан, колдонулган 188 адабияттардын тизмесинен жана ноталык тиркемеден турат. Диссертациянын жалпы көлөмү – 354 бетти түзөт.

## ИШТИН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** изилденип жаткан теманын актуалдуулугу негизделип, максаттары менен милдеттери такталып, диссертациянын методологиялык негиздери менен принциптери, изилдөөнүн илимий жаңылыгы, коргоого сунуш кылынган негизги жоболору, иштин теоретикалык жана практикалык мааниси ачылып берилет, алынган натыйжалардын апробацияланышы тууралуу маалыматтар келтирилген.

**«Этномузыка таанунун көз карашындагы казак салттуу музыкалык маданиятын изилдөөнүн теоретикалык негиздери»** аттуу диссертациянын биринчи бапында Казахстандын салттуу музыкалык маданиятынын этномузыка таануучулук ыкмаларына талдоо берилет. Бул жерде диссертацияда пайдалануучу этномузыка таануучулук түшүнүктөр берилет.

*Биринчи баптын биринчи параграфы* «**Казак салттуу музыкалык маданиятына этномузыка таануучулук ыкма. Салттар, алып жүрүүчү, коомчулук, аткаруучулук түшүнүктөрү**».

Казак салттуу музыкалык маданияты – музыкалык эле эмес, жалпы эле Казахстандын гуманитардык илимдеринин да объектиси болуп келет. Чогултуучулар менен изилдөөчүлөрдүн бир канча муундарынын жардамы менен казак салттуу маданиятынын ар кыл көрүнүштөрү кыйла кеңири баяндалып, ага жалпы мүнөздөмө берилип, акырындык менен алардын маданий маани-маңызы ачыкка чыгат. Музыка таануу казак салттуу аспаптык музыкасынын өзгөчөлүктөрүнө, аваздык искусствого, андан азыраак – эпикалык, кептик салттарга чоң көңүл бурган.

Казак музыкалык маданиятын жазуу жана баяндоо XVIII кылымда эле башталган. Казахстандын этномузыка таануучулук изилдөөлөрү өткөн кылымдын ортосунан башталат, бирок чогултуучулук ишмердүүлүк кыйла андан эрте башталган. Казахстандын этномузыка таануусу чогултуучулук,

музыкалык-этнографиялык эле эмес, жалпы пландагы фундаменталдык эмгектерди камтып турат. Бул А.Эйхгорндун жазуулары, А.В.Затаевичтин музыкалык-этнографиялык топтому, Б.Г.Ерзаковичтин көптөгөн музыкалык-этнографиялык жана тарыхый-теоретикалык эмгектери, Т.Бекхожинанын, А.З.Темирбекованын топтомдору, А.К.Жубановдун топтомдору менен китептери. Казак салттуу музыкалык маданиятынын теоретикалык жана тарыхый маселелери С.Ш.Амановaнын, П.В.Аравиндин, А.Е.Байгаскинанын, Б.И.Каракуловдун, И.К.Кожабековдун, Г.Ж.Кузбакованын, С.А.Кузембаеванын, А.Б.Кунанбаеванын, А.И.Мухамбетованын, Г.Н.Омарованын, П.Шегебаевдын эмгектеринде көтөрүлгөн. Ошондой болсо дагы, казак салттуу музыкалык маданиятын оозеки бүтүндүк катары анын регионалдык музыкалык-поэтикалык жана аспаптык салттарынын өздүк түзүүчүлөрүнүн көз карашында караган изилдөөлөр азыркыга чейин жетишсиз. Салттуу маданияттын структурасы, баалуулуктары жана маани-маңызы маселелерине, башка музыкалык-маданий көрүнүштөр менен болгон карым-катнашына көп көңүл бурулган (А.Мухамбетова, Л.Халтаева, Г.Кузбакова), атайын өз алдынча изилдөөнүн предмети катыр алар каралган эмес.

Музыкалык-этнографиялык эмгек систематикалык мүнөзгө чогултуучунун адабий аныктамаларынын жардамы менен өзгөчө баалуу болгон А.В.Затаевичтин «казак элинин 1000 ыры» жана «500 казак ыры жана күүлөрү» аттуу легендарлуу жыйнактан бери эле ээ болгон. Алардан музыка, анын маданияттагы орду, аткаруучулук макамы туурасындагы көп сандагы маалыматты алууга болот. Музыкалык-этнографиялык эмгекке академик, искусство таануу илимдеринин доктору А.К.Жубанов жана Казахстан илимдер академиясынын корреспондент-мүчөсү, искусство таануу илимдеринин доктору Б.Г.Ерзакович жалпы мүнөздөмө беришкен. Алар тарабынан беш миңден кем эмес ырлар менен күүлөр жазылып, жарык көргөн жана бир канча жалпылоочу монографиялар менен жыйнактар жарык көргөн. Казакстандык этномузыка таанууга Т.Бекхожина чоң салым кошкон.

Академик, композитор жана музыка таануучу Ахмет Куанович Жубановдун «Струны столетий» жана «Соловьи столетий» аттуу китептери жарык көргөндөн баштап уникалдуу руханий эстелик болуп калды. Бул китептер – кереметтүү тарыхый документ, ар бири салттуу маданиятта казак музыкасынын жаратмандары жашаган доордогу жана алар туурасындагы биздин билимдерибиздеги жаңы мейкиндиктерди ачкан. Аталган китептердин берилүүсүнүн адабий стили – эң башкы тарыхый чындыкты жеткирет, ал эми музыканын тереңдиги менен маани-маңызы теоретикалыкка караганда көркөм жалпылоолордо адекваттуу чагылдырууга ээ болот.

Таза этномузыка таануучулук, б.а. казак эпикалык салтынын бүтүн анализине болгон ыкмалар А.Б.Кунанбаеванын макалалары менен кандидаттык диссертациясында так аныкталган. Искусство таануу илимдеринин доктору А.И.Мухамбетованын эң мурунку (1972) жана кийинки макалалары казак аспаптык музыкасынын баалуулук жана маданият таануучулук мүнөздөмөсүн берген. Казак салттуу музыкасы анын алып жүрүүчүлөрүнүн кесипкөйлүгү

менен байланышкан жогорку деңгээлге ээ болгон номаддык маданият катары аныкталган. Аталган чөйрөдө этномузыка таануучулук жана жалпылоочулук музыкалык-маданият таануучулук идеялар бышып жетилген, анда А.И.Мухамбетова искусство таануу илимдеринин доктору менен биргеликте бир нече публицистикалык макалаларды арнаган.

Этникалык музыкалык маданияттарды, алардын түзүлүшүн жана маани-маңызын анализге алуудагы дифференциалдык ыкманын зарылчылыгы акырындык менен бышып-жетилген. Этникалык музыкалык маданияттардын көп түрдүүлүгү, тарыхый-типологиялык айырмачылыктар жаңы мезгилдеги европалык классикалык музыканын нугуна кирбеген маданияттарды изилдөөгө жарактуу болгон жаңы илимий парадигма катары билимдин -этномузыка таануунун атайын тармагынын мурунку ыкмасынын же пайда болуусунун айныксыз чектелүүсүн алып сала турган универсалдуу ыкмаларды иштеп чыгууну талап кылышат.

Демек, белгилей кетүүчү нерсе, мурун илимде белгисиз болгон музыкалык маданияттарга жетүүгө болгон кыймыл эки багыт боюнча жүзөгө ашырылган: 1) ар кыл маданияттарга пайдаланууга мүмкүн болгон универсалдуу ыкмаларды иштеп чугуу; 2) академиялык музыкалык илимдин ичинде маалыматтардын топтолуусуна жана жаңы интегративдик дисциплинанын – этномузыка таануунун бекилүүсү.

Этномузыка таануу же этномузыкология атайын илимий музыкалык дисциплина катары этникалык музыканын өзгөчө түзүлүшүн, анын добушу жана аны алуунун спецификалык ыкмаларын, музыкалык уюшулуусун, башка орунду, маданияттагы маанини жана музыканы аткаруунун милдеттерин аңдап билүүдөн башталат.

Этникалык музыкалык маданиятты изилдөөнүн бир канча өз алдыча багыттары таптакыр айныксыз калыптанат. Бөлүнүп чыгат: 1. «этникалык үндүк идеал» деп аталган салттардын үндүк материясын изилдөө багыты (Ф.Бозе); 2) музыканын социалдык-маданий функцияларын изилдөө багыты; 3) семантикалык анализ же салттын музыкалык-билдирүүчүлүк каражаттарын чечмелөө.

Демек, этномузыка таануу этникалык музыканы изилдөөдө музыкалык системаны изилдөөдөн аталган системанын пайда болуусуна жол ачкан милдеттер менен шарттарды изилдөөгө басым жасайт. Биздин пикирибизде, этникалык маданияттын музыкалык көрүнүштөрүн изилдөөнүн бардык үч багыты бир идея, жалпы менталдык мазмун – музыканын маданий маңыздары менен биригишет. Ошонун өзү этномузыка таануу менен этномузыкологияны жана маданият таанууну бириктирет, анткени акыркысы – бул бир маданият таануучунун образдуу айтканында маңыз туурасындагы илим. Өзгөчө бул качан музыка фольклордук эле эмес, синкреттик жанрларда да башкы эмес, баш ийүүчүлүк ролду ойногон учурларда маанилүү. Мындай музыкалык/үндүк компоненттердин маани-маңызы маданияттын, салттын өзүнү алып жүрүүчүсү менен эмес, этномузыкологиялык или маданият таануучулук изилдөөнүн жүрүшүндө жетишет.

*Биринчи баптын экинчи параграфы* «**Сакралдуулук жана ырым-жырым маданияттын негиз жана архетиби катары. Ырым-жырымды изилдөөнүн семиотикалык ыкмасы**».

Ырым-жырым маданияттын архетиби: ырым-жырымдын тили катары этнографияда, тарыхы жана археологиялык изилдөөлөрдө, музыка таануудa жана филологияда топтолгон музыка жана адаттар боюнча көлөмдүү материалдардын этномузыка жана маданият таануучулук интерпретацияларды билдирет. Адаттык иш-аракеттер менен атрибуттардын конкретикасынан оолактоо менен биз ырым-жырымдардын жалпы маданий маанисине чыгууга шарт түзгөн байкоо жүргүзүүлөрдүн суммасын чыгарып, жалпылоого бел байлайбыз. Аталган тема жана тандалып алынган методология ар кыл гуманитардык илимдер тарабынан берилип, салыштырма материалды пайдалануу менен маалыматтарды берет, ал мындай ыкма этникалык, мындай учурда казактын музыкалык-маданий спецификасын эле эмес, адамзат маданиятынын жалпы негиздерин да мүнөздөөгө шарт түзөт.

Этномузыка таануучулук ыкманын спецификасы биздин изилдөөнүн объектиси – казактардын салттуу музыкалык маданияты – музыкалык-көркөм каражаттардын системасы, ыргактардын, ритмдердин, инструменттердин үндөрүнүн жана башка музыканын спецификалык элементтерининин көз карашында композитордук чыгармачылыктын стили эле талдоого алына бербешинде турат. Бизди маданияттын ар кыл тилдерин, анын ичинде музыканы – маанисин, символикалык жана андан кеңири – ырым-жырымдык иш-аракеттердин, ырлардын, сөздөрдүн маданий маңызын бириктиргендер кызыктырат. Салттуу маданияттын мындай жалпы маданий маңызына сакралдуулук таандык. Сакралдуулук түшүнүгүнө биз жогоруда айткандай, анын курмандык чалуу менен болгон тыгыз мамилеси таандык. Ал өз кезегинде, өзүнө адаттын, ырым-жырымдын айныксыз бир бөлүгүн камтып турат. Ырым-жырым өзүнүн мазмунундагы бардык саналгандын баарын бириктирет, анткени адамдын жашосундагы – төрөлүүсү, үй-бүлөнүн билим алуусу жана өлүүсүндөгү өткөөл учурларды орнотуу менен байланышкан.

Элдик маданиятта ырым-жырым кырдаалына адамдар зарылчылык боюнча (төрөлүү, сөөк коюу) же үйлөнүү учурунда же ооруларды, эпидемияларды багындырууда, башка кыйын мезгилдерде кабыл болушат. Элдик маданиятты изилдөөнүн натыйжасында, адамдардын түшүнүмүндө кантип түшүнүүгө болот, ырым-жырым – бул материалдык дүйнө менен ар бир элдик маданиятта этникалык жана тарыхый белгилүү бир аталыштарга ээ болгон дүйнөнүн ортосундагы өзгөчө бирдиктүү иш-аракеттин учуру. Адам менен коомдун чектен тышкаркы байланышы жалпы жонунан төрөлүү, сөөк коюу учурунда шамандык ырым-жырымда элдик маданияттын элестөөлөрү боюнча экстраординардуу жана кооптуу. Үрп-адаттык ырлар, белгилүү болгондой, өзүнө ырым-жырымдын ажырагыс бир бөлүгүн камтып турат. Адаттын башка компоненттери сыяктуу эле алар адатта байланышка баргандын бүтүндүгү менен сакталуусун камсыз кылууга милдеттендирилген.

Ырым-жырым, демек, маданияттын бардык типтеринде болгон универсалий болуп эсептелет. Ырым-жырым динге түздөн-түз тиешеси жок, албетте күнүмдүк аң-сезим үчүн эле эмес, илимий, анын ичинде маданий-антропологиялык рефлексия үчүн да.

XXI кылымдагы казак коомунда азыркыга чейин салттуу элдик/фольклордук маданияттын реликтери – адаттары же алардын фрагменттери (үйлөнүү, сөөк коюу, башкылык/шаманизм, ырлардын жардамы менен дарылоо, бадик, куляспан) же алар тууралсындагы эс-тутум бар. Этникалык менталдуулукту же дүйнө түзүлүшү, баалуулуктары жана иерархиясы жөнүндөгү элдин элестери, калыбы, талаа материалын чогултуу жана жазуу, интерпретациялоо, б.а. фольклордо адегенде эле жүзөгө ашырылган маңыздарды реконструкциялоо учурунда мүмкүн.

Диссертациянын **«Казак музыкалык салттардын маданий маныздары: адаттык жана адаттык эмес фольклор»** аттуу экинчи бапында казак маданиятынын ырым-жырымдары, төрөлгөндөгү адаттар жана сөөк коюу ырым-жырымдары, үйлөнүү үлпөтү жана салттуу маданияттагы ырым-жырымдык музыка каралат.

Изилдөөнүн **объектиси** болуп өзүнө музицирование, алып жүрүүчүлөр, коомчулук жана жашоо чөйрөсү салттарын камтыган анын бардык түзүүчү элементтериндеги казак салттуу музыкалык маданияты эсептелет. Изилдөөнүн **предмети** – казак элдик музыкалык салттардын жана алардын заманбап абалынын башаты, эволюциясы, мазмуну жана маданий маани-маңыздары.

**Изилдөөнүн методологиясы жана методдору**. Музыкалык илимдин эле эмес, этнографиянын, фолькористиканын бир бөлүгү болуу менен этномузыкатаануу өзүн музыкалыктан тышкаркы көрүнүштөрдүн кеңири спектрин, социалдык, психологиялык жана тарыхый контексти эске алуучу комплекстүү илим катары аныктайт, ошондуктан аталган иш өзүнүн ордун музыкалык, этномузыкалык билимдердин, музыкалык социологиянын жана фольклористиканын/этнологиянын, маданият таануунун, маданий антропологиянын жана тарыхтын заманбап методологиялык ыкмаларынын алкагында ордун табат. Демек, аталган изилдөөнүн методологиясы жогоруда аталган ыкмаларды жандуу табиятка максималдуу жакындыгын, реалдуулук менен социалдык тажрыйбага үндөшкөн салттуу музыкалык маданиятты комплекстүү, системалуу синтездейт.

*Экинчи баптын* **«Казак элдик маданияттын ырым-жырымдары”** деп *аталган биринчи параграфында* казактардын – бадик жана кулапсан аттуу байыркы жашыруун келишимдер тууралсында айтылат. Чокан Валихановдун пикиринде, казактарда исламга чейин шаманизм өкүм сүргөн. Ири казак жазуучусу жана маданияттын алпы С.Мукановдун пикиринде, казактардын исламды кабыл алышынан кийин да революцияга чейин сакталып калган казактардын байыркы көз караштары сакталып кала берген. Ал башкылыктын (шаманчылыктын), отко сыйынуунун (үйлөнүү учурунда келиндин отко май куйуусу) мисалдарын келтирип, чечек ооруусунун рухтары, психикалык

ооруулар, суудан болгон ооруулардын рухтары туурасындагы элестөөлөрдү жазат [С.Муканов, Айтыстар туралы [текст]// Айтыс, 1 том, - Алматы, 1965].

Аталган макалада С.Муканов шаманчылыктын жалпы эле казак маданиятына тийгизген таасирин белгилеп, башкы сарындардын, тиш ооруну (тиштен «курттарды» алып чыгуу), жыландын уусун ырлардын жардамы менен дарылоо мисалдарын, бадик айтышты, өлгөндөр менен баарлашуу ж.б. келтирет. Анын пикиринде, ушунун негизинде диний элестөөлөрдү көрсөтүүчү айтыш пайда болгон. Алардын бири – бул «бадик».

«Бадик». Шамандык көз караштар боюнча, «бадик» деген ысымды алып жүргөн жаныбарлар менен адамдардын ооруусунун руху – кожоюну (кудайы). Каардуу рухтардын кийлигишүүсү туурасы катары оору жөнүндөгү элестөөлөр, шамандык элестөөлөр жана рухтарды чыгаруу системасына ылайык келет, тагыраак айтканда, алар менен чакырык же күрөш шаман-бакшылардын башкы функциясын түзөт.

С.Мукановдун пикиринде, шамандык динде ооруларды дарылоо жекелик эле эмес, жамааттык да мүнөздө болгон. Эгерде жекелик түрүндө бакшы ооруулууну өзү дарыласа, жамааттык вариантында бир нече адамдар катышкан. Мындай учурда ооруулууну борборго алып барышып, чогулгандар эки топко бөлүнүшүп, кезеги менен (айтыш түрүндө) ыр аткарышып, оору рухуна өтүнүч, сураныч менен кайрылышкан. Кийинчерээк казактар арасына исламдын таралуу жана шаманчылыктын чыгарылып салуу денгээли боюнча, «бадиктин» маани-манызы өзгөрүүгө дуушар болуп, жаштардын көнүл ачуусуна айланган. Эгерде мурун шаманчылык көз караштардын мезгилинде атайын аваздык форма болгон болсо, кийин ооруну дарылоосуз (кыздар, үйлөнө эле жаштар), оюн-зоок үчүн чогулгандар «бадикти» оюн катары колдонушуп, мазмунун өзгөртүшкөн жана ага оюндук маани беришкен.

Кийинчереек, революцияга чейин эгерде жаныбарлар же адамдар оорубаса да, жаштар оюн-зоок үчүн чогулушуп, кезеги менен «бадикти» аткарышкан. Демек, «бадик» айтышы жаштардын тамашасына айланган. «Бадик» айтышы качан, кайсы мезгилде пайда болгондугун аныктоо кыйын. Сөздөр жана ырлар- байыркылар, шаманчылык мезгилинде пайда болгон. Бирок, байыркы мезгилдерден бери калган мурас катары ал аткарылбайт. Кыйла кеч мезгилдерде башка адаттар жана салттар менен аралашып кетип, ал өз мезгилине туура келген айтыш ырларынын белгилерине ээ боло баштаган.

С.Мукановдун ырым-жырымдын өзүн жана анын андан аркы эволюциясын кенири баяндаган бадик туурасындагы текстинде анын тарыхый тагдырынын көрүнүштөрүнүн жана байкалуучулугунун илимий аныктамаларына болгон аракет байкалат. Андыктан автор XIX кылымдагы көрүнүктүү казак окумуштуусу Чокан Валихановдун белгилүү макалаларында берилген көз караштарына таянат.

Эми башка жашыруун келишим туурасында: академик, композитор, музыкалык маданияттын уюштуруучусу А.К.Жубановдун пикири боюнча, «кулапсан» сыяктуу адамдагы мындай ооруулары бакшылар рухтарды чакыруу менен «айыктырышкан». Оорулуу чепкен менен жабылып бети менен төмөн карап жаткан, ал эми айланасында отурушкан эркектер менен аялдар үн чыгарып ырдашкан, анда бул оору башка бир нерсеге өтүп кетүүсүн каргап ырдашкан [Жубанов А. Музыка казахского народа до ВОСР/вместо введения [Текст]/ Жубанов А.//Очерки по истории казахской советской

музыки. Алма-Ата, 1961 г.]. XX кылымдын сексенинчи жылдары бизге ушундай аталыштагы Тургай областындагы жашыруун келишимдердин эки үлгүсүн жазып алууга мүмкүнчүлүк болду [Елеманова С. Заговоры. [Текст] Елеманова С. //Казахское традиционное песенное искусство. Генезис и семантика, - Алматы, 2000. – 186 с. ].

Белгилүү болгондой, казак элдик маданиятында адамдар менен рухтардын ортосундагы ортомчу, издегичтин, дарыгердин жана көптөгөн адаттардын жиберүүчүсүн шаман эмес, бакшы деп аташат. Бакшы түшүнүгүнүн ынанымдуу түшүндүрмөсүн филология илимдеринин доктору Е.Турсунов келтирет Турсунов, Е.Д. Происхождение носителей казахского фольклора [Текст] / Е.Д. Турсунов. – Алма-Ата: Дайк-пресс, 2004. –322 с.]. Аталган маселеге биз диссертациянын тийиштүү бөлүмүндө кайтабыз. Ошол эле учурда бул жерде биз куляспан жана бадик – казак фольклорунун байыркы жанрлары кандай жана ким тарабынан аткарылгандыгы шамандык көз караш маселесин кароого мажбурбуз. С.Мукановдун келтирилген фрагментинде көрсөтүлгөндөй, адат жамааттык түрдө өткөрүлөт, адамдар эки топко бөлүнүшүп, кезеги менен ооруу рухуна кайрылышкан. Түшүнүктүү болгондой, бул С.Мукановдун көрсөтмөсүнө бир аз карама-каршы келет, анда ал бадикти сүрөттөгөн фрагменттин башында келтирет. Ал аталган көрүнүштү шаманчылык менен, б.а. аталган адатты бакшы өткөргөндүгү менен байланыштырат.

Демек, филологиялык жана музыка таануучулук адабиятта берилген куляспан жана бадикти талдоого алуу жана реконструкциялоо төмөнкүдөй корутундуларды берүүгө шарт түзөт:

1. Куляспан жана Бадик – ооруу рухтарын, демек Куялспан жана Бадикти чыгаруу максатына ээ болгон жашыруун келшимдер.

2. Куляспан жана Бадик – XX кылымдын акырына чейин бакшылыкты толугу менен жоготуу шарттарында сакталган шамандык маданияттын реликти.

3. Куляспан адаттын өткөрүү (балдардын тери ооруларын дарылоо), көпчүлүк жагынан аялдардын бакшылыгы менен байланышкан.

4. Адаттын эволюциясы жана жанрдык трансформация – адаттык чөйрөдөн турмуш-тиричиликтик чөйрөгө өтүү- десакралдашуунун таасири алдында болот.

5. Семантиканы сактоо жана адаттык жанрлардын поэтикалык жана музыкалык тексттерин консервациялоо – музыкалык искусствонун маанилүү өзгөчөлүгү.

Төрөлүү адатынын жана сөөк коюу ырым-жырымынын этномузыкалык жана маданият таануучулук чечмелениши биздин изилдөөдө этнографтар менен фольклорчулар тарабынан чогултулган материалдарга эле эмес, заманбап гуманитардык илимий изилдөөлөрдүн жүрүшүндө жасалган философиялык жана маданият таануучулук жалпылоолорго жакындоочу кыйла жалпы тартиптеги байкоо жүргүзүүлөр менен корутундуларга да таянат. Сөөк коюу адатын чечмелөө аракети бизди кызыктырган мааниде, б.а. адатты материалдык жана материалдык эмес дүйнөлөрдүн айкалышуусунун кульминациялык чекити катары чечмелөө этнологиялык изилдөөлөрдө да бар. Алсак, А.Толеубаев өзүнүн аталган темага арналган китебинин кенири бөлүмүндө баланын төрөлүүсү менен сөөк коюу адаттарындагы иш-аракеттер менен мөөнөттөрдүн параллелизмин баса белгилейт. «Казактардын жана Орто Азиянын көптөгөн элдеринин адаты боюнча өлгөн кишини эч качан жалгыз калтырышкан эмес, өзгөчө түнүчүндө. Ал жаткан жай, дайыма жарык

бойдон калган. Маркумдун жанында түнүчүндө отуруу казактарда «кузет» деп аталган, б.а. «күзөт». Аталган адаттар менен баланын жарык дүйнөгө келүүсүндөгү биринчи күндөрүндөгү күзөт адаттарынын ортосундагы параллелди жүргүзүү кызыктуу, ал Орто Азиянын көптөгөн элдеринде «чилдахан» деп аталат. Акыркы адат туурасында кеп кылуу менен кээ бир маалымат берүүчүлөр белгилегендей, жашоосунун биринчи күндөрү бала абдан алсыз болот, каардуу рухтардын зыяндарына дуушар болушат, ошондуктан эгерде аны коргобосо акыркысы баланы башка жандык менен алмашыра алат же анын рухун уурдайт. Мындай ишенимдер салыштырмалуу түрдө маркумду күзөтүүнүн зарылчылыгы болгон» [Толеубаев, А. Реликты доисламских верований в семейной обрядности казахов (Х1Х-начало ХХ в.) [Текст] / А. Толеубаев. – Алма-Ата: Гылым, 1991. – 214 с.].

Тилекке каршы, бул сөөк коюу жана төрөлүү адаттарынын ортосундагы окшоштук толук жана логикалуу түшүндүрүүгө ээ боло алган эмес. Маркумду анын «алсыздыгына» карабастан күзөтүү зарылчылыгы, материалдык дүйнөдөгү болгон акыркы күндөрүндөгү каардуу рухтар тарабынан болгон зыяндар туурасындагы күмөндүү пикир берилет. Биздин пикирибизде, негизги себеби башкада. Аза күтүү күнү менен бала төрөлүүсү – 3,7, 40 күнү жана өлгөндөн/төрөлгөндөн кийинки бир жылдык менен байланышкан мезгилдердин дээрлик толук дал келүүсү өзүнө бул туурасында жазгандардын дээрлик бардыгын бурат. Бул туурасында өзүнүн түшүндүрмөсүн А.Толеубаев «Семантика поминальных дат» аттуу бөлүмүндө берип, көңүл бура турган бир катар ой жүгүртүүлөрдү айтат.

Баарынан мурда, А.Толеубаев тарабынан маалымат берүүчүлөрдүн адамдын эненин түйүлдүгүндөгү калыптануусун баяндап берүүсү абдан маанилүү. Аталган элестөөлөр, автордун айтуусунда, толук жоголуп кетүү чегинде турат жана кыйла архаикалуу болуп эсептелет. «Казактардын элестөөлөрүнө ылайык адамдын калыптануусу этабы менен болот: «атасынан энесине өтүүсүнөн кийинки алгачкы жети күндө түйүлдүк өзүнө «көбүктү» камтып турат, кыркынчы күнү түйүлдүк канга айланат, жашоонун белгилери пайда болот. Кыркынчы күндөн баштап жана баланын жарык дүйнөгө келүү күнүнө чейин дене менен жандын калыптануусу болот. Ушул процесстин бардыгы тогуз ай жана тогуз күнгө созулат. Башка маалыматтарга ылайык, жети күн ичинде түйүлдүк мезгилинде баштын, кырк күндө – дененин, кырк күндөн төрөлгөнгө чейин дененин төмөнкү бөлүктөрү жана о.э. кош бойлуулук мезгил аралыгында, б.а. тогуз ай, тогуз күн ичинде «рух» деп аталган жан калыптанат. Автордун пикиринде, сөөк коюу адаты менен адамдын калыптануу этаптарынын дал келүүсү кокусунан эмес. Мунун түшүндүрмөсү катары А.Толеубаев дүйнөнү көптөгөн элдеринин ай календарынын пайда болуусун келтирет. Мындай түшүндүрмөнүн ыктымалдуу күтүүсүздүгүнө карабастан ал чон мааниге ээ.

Белгилей кетүүчү нерсе, биздин пикирибизде, сөөк коюу ырым-жырымы менен төрөлүү адатынын окшоштугунун же тунуктугунун үстүндө жатышын түшүндүрүү, тагыраак айтканда ырым-жырымдардын изоморфизми, алардын структуралык окшоштугу Толеубаевдын китеби жазылган мезгилде түздөн-түз көрсөтүлгөн эмес. Биз жогоруда жазып кеткендей, адаттардагы коммуникация эки багытта – адамдардан рухтарга жана рухтардан адамдарга жүзөгө ашырылат. Бир учурда – төрөлүү адатында – коммуникация рухтардан адамдарга ишке ашырылат. Бул баланын төрөлүүсү

казактарда, көптөгөн башка элдердегидей эле анын жанынын материалдык эмес дүйнөдөн алынуусу менен байланыштуу (көптөгөн түрк жана монгол элдеринин пикиринде аталган баланын кандайдыр-бир урпагынын жүзөгө ашырылуусу менен байланышкан). Сөөк коюу адатында, тилдик маалыматтар тастыктап тургандай, адамдын жаны тигил тараптагы дүйнөгө кайтат (маркум тууралында – кайтыш болду – ал кетти/кайтты деп айтышат).

Демек, бардык ырым-жырымдар изоморфтук жана симметриялык структурага ээ: материалдык дүйнөнүн жашоочуларынын материалдык эмес дүйнөнүн жашоочулары менен байланышка баруусу алардын ортосундагы карым-катнаштардын гармониялашуу жана ал байланыштан чыгуу максатына ээ. Сүйлөө менен адресат субъектисинин ортосундагы коммуникация процессинде диалог болот, анын натыйжасы катары маалымат же баалуулуктарды алмашуу эсептелет. Жашоо-турмуш, ден-соолук жана коомдун бардык мүчөлөрүнүн жыргалчылыгы тууралында кеп болгондо бул маалымат же баалуулук алмашуу экстраординардуу мүнөзгө ээ. Адаттык кырдаалдын маани-манызы ырым-жырым тарабынан белгиленген адамдар менен рухтар дүйнөсүнүн ортосундагы байланыш алардын ортосундагы эшикти ачат, б.а. кадимки мезгилде болгон аталган дүйнөлөрдүн бири-бири үчүн болгон өтүүчүлүгүн бузат. Эреже катары, дүйнөлөр ортосундагы реалдуу байланыштар (атеистик доордо эсептешкендей - курулай элестетилген) качан адам төрөлгөндө жана өлгөндө болот. Ортомчу – бакшы, шаман аркылуу байланышуу – ылайыктуу ырым-жырымдын алкагында болуп, ийгиликтүү же тескерисинче болушу ыктымал. Үйлөнүү ырым-жырымы сөөк коюу жана бала төрөлүү сыяктуу паралеллдүү адаттарына ээ. Бул никеге туруп жаткандардын бирөөсү (нкиеге турууда келин эмес, күйөөсү келечектеги аялына өткөн элдер бар) казактарда – келин өзүнүн тугандарын таштап, жолдошунун туугандарына өтөт, андыктан тууганынын мүчөсү катары катардан чыгып, жолдошунун уругунун жаны өкүлү катары кайра төрөлөт.

Үйлөнүү ырым-жырымы, магиялык иш-аракеттердин, адаттардын, оюндардын көп түрдүүлүгүнө жана молдугуна карабастан борбордук семантикалык ядросу катары бир уруу мүчөсүнүн – келиндин – күйөө баланын уруусуна өтүүсү эсептелет. Ый, кошоктор менен коштолгон келиндин «өлүүсү» казак эле эмес, ага тектеш маданияттар үчүн да мүнөздүү. Орус фольклористтеринин маалыматтары боюнча, орус үйлөнүү тою ыйлар менен сүңгүп кирген [Бернштам, Т.А. Свадебный плач в обрядовой культуре восточных славян (Х1Х-начало ХХ в.) [Текст] / Т.А. Бернштам // Русский Север. Проблемы этнокультурной истории, этнографии, фольклористики. – Л.,1986. – С. 82-100.]. Ефименкова (ага «Севернорусская причеть» китеби таандык) кароо концепциясын сунуштаган: үйлөнүү той-сөөк коюу жана үйлөнүү-көнүл ачуу [Ефименкова, Б.Б. Севернорусская причеть: Междуречье Сухоны и Юга и верховья Кокшенги (Вологод. обл.) [Текст] / Б.Б. Ефименкова. – М.: Сов. композитор, 1980. – 392 с.].

Ый – сөөк коюу адаттынын маанилүү компоненти. Ал ырым-жырымдын башка компоненттери менен катар бир дүйнөдөн башкасына фактылык өтүүсүн символдоштурат. Демек, дүйнөлөр ортосундагы эшикти ачуусу адаттын маанилүүлүгү жана олуттуулугу көп жолу жогорулайт. Андыктан бул жерде эки адамзат коому ишке аралашат –келин менен күйөө баланын уруусу, бул өтүү бири-бирин алмаштыруучу

көптөгөн адаттык иш-аракеттер, б.а. ар кандай максаттар менен аталган өтүүнүн этаптарына багытталган өзүнүн ыкмалары менен ырым-жырымдын кандайдыр-бир учурун орнотуучу ыкмалары менен коштолот.

Үйлөнүү тою мезгилинде жасалуучу адаттык иш-аракеттердин көп курамдуулугу, катмардуулугу кырдаалдын өзүнүн маанилүүлүгү жана татаалдыгы менен түшүндүрүлөт. Уруу мүчөлөрүнүн бирөөсү мындай учурда – келин аталган уруунун мүчөсү болуусун токтотуп, башка урууга жөнөйт, демек, ал жакта «төрөлөт». Демек, бир уруунун түнт мейкиндигин ачуучу адаттык кырдаал эки жолу кайталанат, бир учурда, символикалык өлүм, экинчи учурда – символикалык төрөлүү. Бекеринен казактардагы келиндин өзүнүн аталуусу «калындык» (б.а.калындын ордуна алынган), ал эми келинди, б.а. аялды – келген «келин» деп аташат (келүү деген сөздөн).

Символикалык «өлүм» кырдаалы – көп жолу кайталанат. Алсак, келин эле эмес, анын туугандары, курбулары тарабынан да аткарылуучу коштошуу ырлары менен катар келиндин кыз баш кийимин алышып, чачын өрүшөт (жесирдин жана маркумдун кыздарынын жайылган чачтарын жана атайын байламаны – «шорт байлоону» эстейличи). Баш кийимин алуу, чач алуу сыяктуу эле (аза мал- көкүлүн, куйругун жана жалын алуу) салттуу маданиятта өлүмдү символдоштурат, карама-каршы кырдаал катары – баш кийимди кийгизүү социалдык статусту өзгөртүү, жогорулатууну түшүндүрөт.

Казак үйлөнүү тоюнда уруулардын атаандаштыгы башка адаттык иш-аракеттердин денгээлинде ачык байкалат. Кудалашуу этабында тамак-аш тамашалуу айтыштарда жана никелешип жаткан клапдар ортосундагы оюндарда колдонулган, алсак, мисалы, кичи куда куйрук боордун калдыктарын келин тараптагылардын бирөөсүнүн бетине сыйпайт. Андан кийин чыныны уурдайт; өз кезегинде, келиндин айылынын аялдары кудаларды ар кандай сыноолорго дуушар кылышат: ундан жасалган буламыкты куюп, алардын көздөрүнө сыйпайт, бетине ун чачат» [Шаханова, Н. Мир традиционной культуры казахов [Текст]: этнограф. очерки / Н.Шаханова. – Алматы: Казахстан, 1998. – 184 с.].

Көптөгөн түрк элдеринде кудаларды тамашалап кыжырлантуу, бири-бирине – ун же сүт азыктары менен сыйпоо ырым-жырымдуу үйлөнүү адаттары бар. Алсак, мисалы, кудаларга ырым-жырымдуу ун чачуу өткөн мезгилде өзбек-карлуктар менен уйгурларга белгилүү болгон: «…мындай бардык иш-аракеттер «чоочун» катары эки партиянын ортосундагы карым-катнаштарды демонстрациялоого багытталган, б.а. никелешип жаткан тараптардын экзогамдуу учуруна – инцестуалдуу нике эмес, «тазалыктын» башкы шартына басым жасалат [Кисляков, Н. Очерки по истории семьи и брака народов Средней Азии и Казахстана. [Текст] Кисляков Н. – Ленинград, Наука. - 1969 - 240 с.].

М.Ауэзовдун пикиринде, акындардын айтышы генетикалык жактан алгачкы дуэттердин салтына туура келет. Мындай дуэттердин реликтери, айтыштын башка формалары болуп, анын пикиринде, жар-жар жана бадик эсептелет [Ауэзов, М.О. Айтыс [Текст] / М.О. Ауэзов // Мысли разных лет. – Алма-Ата, 1961. – С.128.]. Е.Турсунов да жар-жарды айтыштын бирден-бир түрүнө таандык кылат.

Музыка таануучу Г.Кузбакова, биздин пикирибизде, казакстандык этномузыкатаануунун даярдалган өнүгүүсү менен маданият таануучулук жүрүш

жасап, жар-жардын мифологиялык мазмунун Жашоо менен Өлүмдүн күрөшү түзөт, анда төрөлүү, жашоо жаны сапатта эркектик башталыш менен, ал эми өлүм, уруудан, үй-бүлөдөн кетүү –аялдык башталыш менен репрезентацияланат [Кузбакова, Г. Генезис и семантика обрядового жанра жар-жар [Текст] / Г. Кузбакова // Искусство в мировом культурном и образовательном пространстве: междунар. науч.-практ. конф. – Алматы, 2006. – С. 295-301.].

Мындай бир канча поэтикалык жактан көркөмдөштүрүлгөн түшүндүрмөдө үйлөнүү ырым-жырым музыкасынын негизги маани-маанылыздык доминанты камтылган: келиндин символикалык өлүмүнүн сакралдуулугу жана анын уруунун жаны мүчөсү катары кайра жаралуусунда турат. Г.Кузбакованын В.Тернердин терминологиясы менен келинди коом тарабынан лиминалдуу жана легитимдешүү абалынан чыгарууда (санкция жана мыйзамдаштыруу), салттуу түрк коомунун – урyy мүчөсүнүн башкы баалуулугун алуудагы гипотезасы көнүл буруууга арзыйт.

Казак үйлөнүү тоюнун этномузыка таануучулук түшүндүрмөсүнө корутунду чыгарабыз:

1. Казак үйлөнүү тоюнун башкы каарманы – өзүнүн үйүн таштаган жана келечектеги жолдошунун үйүнө өткөн келин (калындык).

2. Тигил дүйнөгө эшик ачып берген ырым-жырымдык кырдаал жана келиндин өлүүсү көптөгөн белгилер жана атайын ырлар (сынсу, арыз, олен, коштошуу, көрүшүү, жар-жар, сарын, бикем ж.б.) менен коштолот.

3. Келиндин үйүндөгү үйлөнүү тоюнун адаттык шартынын жана сөөк коюу адатынын окшоштугу символикалык иш-аракеттердин, ырлар менен тексттердин жана келиндин коштошуу ырларынын тексттеринин, жоктоо (бүркөй салуу) түздөн-түз дал келүүсү менен тастыкталат.

4. Түшүнүктөрдүн аралашуусу жана көп түрдүүлүгү – сынсу, коштошуу, көрүшүү, ары золен, амандашуу келиндин статусунун өтүү, өзгөрүү кырдаалы көп жолу ишке ашып, дайыма кайталанып турушунан кабар берип турат.

5. Келинди килемде, ханды чон кийизде көтөрүү жана маркумду чон кийизге/ килемге ороо универсалдуу адаттык мааниге ээ жана алардын бир статустан экинчисине өтүүсү менен байланышкан.

6. «Бет ачар» адатында оозеки-музыкалык, предметтик түрдө жана белгилүү бир иш-аракеттердин жардамы менен уруунун жаны мүчөсүнүн төрөлүүсү, пайда болуусу материалдаштырылып, демонстрацияланат.

7. Келиндин биринчи мезгилдердеги өзгөчө абалы үйлөнүү тоюнан кийин сөөк коюу аза күтүүсү сыяктуу ырым-жырымдык изоляциясы болуп эсептелет.

Салттуу казак үйлөнүү тоюнда азыркы мезгилде адаттык иш-аракеттердин негизги белгилери жана көп сандаган материалдык жана материалдык эмес белгилер сакталып калган, алардын жүрүм-турумдарынын этаптарын маркировкалайт: адаттын башталышы, борбордук учуру (баалуулуктарды алмашуу) жана аяктоо (жабылуу).

Экинчи баптын «**Салттуу музыканын алкагындагы ырым-жырымдык музыка**» деп аталган экинчи параграфында ырым-жырымдык музыка (үйлөнүү тойдогу жана сөөк коюдагы адаттык ырлар жана бакшы аспаптык музыка) каралат. Ырым-жырымдык музыканы (үйлөнүү жана сөөк коюу адаттык ырлары жана бакшы аспаптык музыкасы), анын түзүлүүсүнүн жана аткарылуусунун белгилүү бир

шарттарына карабастан элдик маданияттын башка пласттары менен байланышуучу таптакыр оолактаган, түнт дүйнө катары мүнөздөө мүмкүн эмес. Ал мазмундук, форма жана структуралык көз караштагы денгээлдердин көптүгү менен байланышкан. Казак маданиятынын адаттык жанрлары адаттык эмес жанрлар менен – турмуш-тиричиликтик, массалык ырлар жана күүлөр, жогорку өнүккөн оозеки-кесипкөйлүк салттар менен коншулашып, бирге иш алып барышат.

Алсак, бала төрөлүү, тарбиялоо адаттары менен балдарга арналган, бешик ыры, бала жубату, бала уктатуу сыяктуу ырлар тыгыз байланышкан. Бешик ырлары архаикалуулугу жана поэтикалык, музыкалык тексттин туруктуулугу менен айырмаланып турат жана бул өнүттө адаттык ырлар менен кыйла окшош келишет. Андыктан, бала төрөлгөндөгү адаттар казак фольклорунда анча жакшы сакталып калган эмес, бешик ырлары казакстандык музыкалык фольклористикада турмуш-тиричиликтик, адаттык эмес жанрларга таандык болгон. Азербайджандыктардын салттуу музыкалык фольклорундагы «охшама» жанрына көнүл бура кетүү абзел. Ал маркумду жоктоо мезгилинде, уйду сааган, баланы уктаткан же аны менен ойногон убакта аткарылган. Этномузыкатаануучу Таира Кермова өзүнүн «Азербайжданские колыбельные и детские песни: опыт этномузыковедческого анализа» аттуу изилдөөсүндө бешик ырларын аталган байыркы фольклордук жанр менен байланыштырып, аны жашыруун келишим, каардуу рухтардан сактоочу талисман катары эсептеген [Керимова Т. «Азербайджанские колыбельные и детские песни: опыт этномузыковедческого анализа», [Текст] Керимова Т./ автореферат диссертации на соискание уч.степ.канд. иск., Ленинград, - 1986 г. – 24 с.]

Биздин пикирибизде, «охшама» адаттык ырдын байыркы синкретизмин демонстрациялайт. Жанрдык ырлар жанры кристалдашкан эмес, ырлар өзүнүн баштапкы архаикалык функциясын – эки башка дүйнөнүн коомунун ан-сезиминде – материалдык жана өлгөндөр тирилген дүйнөнү, материалдык жана түштөр падышачылыгын бешик ырларында, ички дүйнөнү/ жаныбарлар жана тышкы дүйнөнү сааган мезгилде бириктирүүнү аткарат.

Ырлардын башкы ырым-жырымдык-магиялык функциясы жана кенири-музыка-жеткирип берүү, өткөрүп берүү. Биздин пикирибизде, баланы уйку падышачылыгына жөнөтүү, уйку абалына которуу үчүн арналган бешик ырларында, ал эми уйку салттуу маданияттарда убактылуу өлүм катары (өз кезегинде, өлүм да уйку катары кабыл алынган) чечмеленген, ушул функциянын өзүн байкоого болот. Мындан аркы жанрдык көп түрдүүлүк ар кыл кырдаалдарга жана аталган байыркы ырлардын аткарылуу шарттары менен пайда болгондугун элестетүүгө болот.

Т.Керимова жазгандай, охшама ыры обондуу декламацияга жакын, ал монотондуу мүнөзгө ээ болгон, же добуштардын анча чон эмес топтомун кайталоого негизделген. Аны менен ырым-жырымдык ыр – лай-лай (орустарда –баю-бай, казактарда - әлди-әлди) менен байланышкан. Лексикалык мааниден айрылган сөздөрдүн кайра кайталануучулугу ырым-жырымдык мааниге ээ (үйлөнүү тойдогу жар-жарды эске салсак). Тигил же бул каражаттарды тандоо, алардын байыркы ырлар-формулалардагы өнүгүүсү маданияттын эрте баскычында болуп, жашоо-турмуш процессинде бекемделет.

Бул туурасында Т.Керимованын эскерүүсү маалымат берип турат, анда «лай-лай» ыры кыздар хорунда жана лирикалык ырларында ырдалат. Бул ар кыл маданияттардагы адаттык жана адаттык эмес турмуш-тиричиликтик жанрлар ортосундагы биридиктүү иш-аракеттер процессиндеги иллюстрация.

Казак маданиятында адаттык жана турмуш-тиричиликтик жанрлар ортосундагы тыгыз байланышты байкоого болот. Андыктан тиричиликтеги адаттык ырлар ылайыктуу алкактан тышкары аткарылган эмес, калыбы турмуштук аваздык салттардын адатка, анын ичинде үйлөнүү үлпөтүнө кирүүсү. Казак үйлөнүү тоюн өткөрүү сценарийи ал үчүн мүмкүнчүлүктөрдүн кенири спектрин берет.

Жар-жар адаттык ыры (аужар, бике, сарын ж.б.) өзүнүн диалогдук формасы боюнча казак салттуу маданиятынын башка үйлөнүү эмес жанрлары – фольклордук кайым-айтышуу (кыздар менен балдардынг ортосундагы диалогдук ырлар), кесипкөйлүк айтыштар (акындар ортосундагы музыкалык-поэтикалык айтыш) жана тартыщтар (аспаптык домбралык айтыш) менен болгон окшоштугун байкоого болот.

«Кыргыздарда кайым – айтыш деп аталган мындай ырлар адатта экспромт менен ырдалат жана дайыма эл алдында же буюртма менен же көптөн бери бири-бири менен айтышуу учурларын издеп жүргөн айтышуучулардын өзүлөрүнүн каалоосу менен ырдалат, алар ырдоо искусствосунда өз күчүн сыноо же даярдыгы жок ыр менен сүйлөө үчүн керек, анын үстүнө алар бири экинчисин женүү үчүн аракет кылуу менен көпчүлүк учурларда шыкты көрсөтүшөт. Ырлардын аталган тобу ар түрдүү мазмунга ээ болуу менен кыргыздарда элдик поэзиянын эн сүйүктүү жана кооз формасын түзөт жана акылы курчтуктан айрылган эмес» [Образцы киргизской поэзии [Текст]: собранные и пер. султаном Т.Сейдалин, С.А. Джантюрина // Зап. Оренбург. отд. Императ. Рус. географ. о-во. – Оренбург, 1875. – Вып. 3. – С. 249-419.].

Диссертациянын **«Бакшылык жана казак маданиятындагы Коркут-ата феномени»** аттуу үчүнчү бапында казактын шаманчылыгы/бакшылыгы жана адаттагы музыкасы, Коркуттун образы жана дүйнөлүк маданияттагы музыканын ролу, Коркут менен башкылыктын образынын карым-катнашы каралат.

*Үчүнчү баптын биринчи параграфы* **«Казак шаманчылыгы/бакшылык».** Казак шаманчылыгы (мындан ары бакшылык) башка адаттардан түп орду менен айырмаланып турат, башкы – биринчи тарыхый кесипкөй маданият. Кесипкөйлүк мындай учурда адамдын бардык ишмерлүүлүгүндө көрүнгөн адистешүү акырындык менен социалдык жактан маданияттын алып жүрүүчүсүнүн тиби түрүндө бекемделишин түшүндүрөт. Демек, салттын алып жүрүүчүсүнүн ишмердүүлүгү жөнгө салынып, аталган социалдык-маданий статусунун талаптарына болгон ылайык келүүсү мыйзамдаштырылат.

Социалдык жактан бекитилген адистешүү дайыма эле экономикалык карым-катнаштар (төлөм) менен коштоло бербейт, бирок, эреже катары, бардык учурларда баалуулуктарды алмашуу жүрүп турат. Бакшы адамдар менен рухтар дүйнөсүнүн ортосунда өзүнүн жеке касиеттеринин жардамы менен далдалчы катары кызмат кылат. Башкылыкка кандайдыр-бир көйгөйлөр менен айыгуу максатында кайрылган адамдар (эреже катары, мал) рухтарга жана ортомчуларга-башкыларга курмандык чалышат.

Бакшылык – этномузыка жана маданият таануучулук ой жүгүртүү процесси биринчи кезекте башталган көрүнүш. Башкылыктын мааниси туурасындагы кээ бир маданият таануучулук идеялар гуманитардык билимдердин ар кыл тармактарында пайда болгон. Классикалык эле эмес, трансформацияланган исламдык түрүндө бакшылык – костюму, музыкалык шайманы, камланы, поэтикалык жана музыкалык тексттери менен бакшы адаты менен рухтар менен жайгашкан адамдар менен дүйнөлөрдүн бирдиктүү иш-аракети эсептелген көчмөн-казактын дүйнөсүнүн картинасын ачык жана таасын көрсөтө алмак. Башкылыктын өзүнүн пайда болуусу жана анын ырым-жырымдык практикасы алдыңкы принциптеринин жана салттуу музыкалык маданиятты изилдөө изилдөө идеясынын көрүнүшү үчүн бай материалды берет.

Бакшылык боюнча этнографиялык материалдар, биз жогоруда белгилегендей, революцияга чейин эле топтолуп, сандык өңүттө жыйырманчы жүз жылдыкта белгиленген баяндоолордон олуттуу түрдө ашып кетет. Бакшы адатынын баяндоосу жыйырманчы кылымда анча көп болгон эмес, бирок алар бар. Алардын ичинде «Қазақ бақсы-балгерлері» материалдарынын жыйнагын бөлүп көрсөтүү керек. Китепке чет элдик окумуштуулардын казак шаманчылыгы боюнча котормо материалдары киргени менен, анда оригиналдуу заманбап илимий маалыматтар, бакшы жөнүндөгү жазуучулар менен журналистердин эскерүүлөрү да бар. В.Н.Басиловдун «Орто Азия жана Казакстан элдериндеги шаманчылык» аттуу акыркы китебинде аталган тармактагы бирден-бир кадыр-барктуу окумуштуулардан болуп эсептелген жаңы экспедициялык материалдар жайгаштырылган.

Казак музыкалык фольклорунун бирден-бир чогултуучусу А.В.Затаевич жазгандай, «Жалпы жонунан бакшы албетте, өткөндүн калдыгы болуп эсептелет жана азыркы мезгилде жоголууга дуушар болду. Анын үстүнө алардын сыйкырчылык музыкасы жазылбаган бойдон калгандыгы өкүндүрөт. Аталган жыйнакта, Амангельдиндин маалыматынан тышкары бакшы копиялайт, З.Карибаевдын андан да баалуу маалыматтары жайгашкан, ага чыныгы бакшы үчүн мага сунушталган» [Затаевич А. Примечания автора [Текст] /Затаевич А. //1000 песен казахского народа. – Алматы, Дайк-Пресс, 2004 г. – 496 с.].

Шамандык адаттагы музыкалык шаймандардын функциясы жана мааниси туурасындагы изилдөөчүлөрдүн жалпы пикирлери музыкалык шаймандар шамандын жүрүүчү жаныбарын чагылдырат: «Калыбы байыркы түрктөргө символу катары бубен эсептелген шамандын кереметтүү жүрүүчү жаныбары туурасындагы элестөө белгилүү. XIX –XX биринчи жарымында Сибирдин көптөгөн элдери, анын ичинде түрк тилдүүлөр мындай ишенимди тен бөлүшкөн, шамандык ат туурасындагы биринчи эскерүү Чынгыз хандын мезгилине туура келет; Тэб-Тенгри шаман «асманга ак ат менен көтөрүлгөн, шамандык жаныбар идеясы орто кылымга чейин эле калыптангандыгынан күмөн саноого болбойт» [Басилов, В.Н. Шаманство у народов Средней Азии и Казахстана [Текст] / В.Н. Басилов. – М.: Наука, 1992. – 328 с.].

Үчүнчү баптын экинчи параграфы «**Коркут жана маданияттын тарыхындагы музыка**» деп аталат. Казак шаманчылыгынын маанилүү белгилери музыканын мифтик жана бакшылыктын колдоочусу –Коркут менен тыгыз байланышкан. Ошондуктан биз Коркут туурасындагы казак уламыштарын жана орто кылымдык жазма эпос «Китаби дедем Коркутту», андан тышкары башка маданияттардын мифологиялык мотивдерин салыштырмалуу жана типологиялык анализдин булагы катары карайбыз.

Коркут – казак маданиятында биринчи музыкант, дегеле музыканын түзүүчүсү жана биринчи музыкалык шайман катары жүзөгө ашкан бүткүл дүйнөлүк улуу рух. Бардык кеч катмарлашуу, анын ичинде XIX кылымдын соңу 20-кылымдын башында табууга мүмкүн болгон Коркуттун мусулмандык чечмелениши – элдик дүйнө көз караштын жана чыгармачылыктын (фольклордун) эволюциясынын натыйжасы. Бул өзгөрүүлөр мыйзам ченемдүү, алар идеологиялык көрсөтмөлөрдө үстөмдүк кылуучу доордун тарыхый жана дүйнө көз караштык контекстин чагылыдырышат. Коркуттун ролу туурасындагы элдик элестөөлөрдүн биринчи музыкант жана кобыздын түзүүчүсү катары сакталуусу азыр Коркуттун образын болжол менен VII-X кылымдарда (огуз каганаты жашап турган мезгилде) Сыр-Дарыянын жээктеринде жашап өткөн музыканттын, таланттуу композитордун статусуна чейин төмөндөткөн жаңы казак «мифологиясынын» - илимдин таасири алдында өткөн мезгилге таандык. Аталган элестөөлөрдө Коркут ал философ жана акылман болсун, адамзат маданиятынын эң чоң кереметин –музыканы жана музыкалык шайманды жаратууга тиешеси бар «маданий баатыр» болуудан калат.

Жогоруда белгиленгендей, байыркы казак мифологиясы бакшылык-шаманчылык идеялык элестөөлөрү менен тыгыз айкалышып кетет. Коркут-музыкант жана бакшы казак уламыштары, андан тышкары «Китаби дедем Коркуд» огуздук эпосунан Коркуд туурасында кенири адабият бар, анда 1999-ж. казак жана орус тилдериндеги Коркут-ата Энциклопедиялык жыйнагында маалыматтар берилген [Коркыт-ата: Энциклопедический справочник/под.ред.А.Нысанбаева – Алматы, 1999. – 799 с. ].

Ошондой болсо дагы, Коркут туурасындагы уламыштар менен изилдөөлөр аталган эмгекте каралышы керек, б.а.этномузыкатаануучулук талдоого алынуусу абзел. Коркут туурасындагы огуздук булактардан айырмаланып, казак уламыштарында музыкалык шайманды түзүү ыйгарылат. Бул өзүнөн өзү образдын архаикалуулугу жана сакралдуулугу туурасында маалымат берет. Салттуу шаймандык маданияттын кадыр-барктуу изилдөөчүсү И.В.Мациевский жазгандай « бардык уруулар менен элдердин уламыштары боюнча музыка менен музыкалык шаймандарды кудайлар жаратышкан» [Мациевский, И. Народная инструментальная музыка как феномен культуры [Текст]/ И. Мациевский. – Алматы: Дайк-пресс, 2007. – 520 с.]. Перииште катышкан Коркут комузду түзгөн уламыш бар. Уламышта кыйла кеч өзгөчөлүк бар: кобыз – биринчи шайман эмес, ал табияттын добуштарын өткөрүп берүү үчүн ылайыкташкан шайман. Периште – мусулмандык мифологиядан келип чыккан.

Ушул сыяктуу кыл шайманды (моринхур, игиль) жаратуу тууралуу кыйла кеч белгилер монголдор менен тувиндердин уламыштарында сактап келет. Монгол уламышында жарды араттын (малчы) канаттуу аты болгон, ал аны менен бардык убактысын өткөргөн. Араттын жубайы ага наразы болуп, кереметтүү атты өлтүрүп салат. Аттын сөөктөрүнөн жана анын куйругунан арат моринхур (морин – ат, хур - шайман) шайманын жасап, анда ойнойт. Ал качан анда ойногондо, өлгөн аты тирилгендей болот.

Ошол эле уламыштын тувиндик вариантында шайманда ойноп жаткан учурда асман ачылып, аттын асмандагы эгизи төмөнгө түшүп, өзү менен кошо бээлердин тобун алып келет.

Шайманды түзүүнүн керемет (мистикалык) кырдаалдары Коркут тууралуу казак уламыштарында эле эмес, каракалпактык версияларында да кездештирүүгө болот. Кунграт уруусунан чыккан кобыз менен элдик музыканттардын пирин (руханий устат, колдоочусу) жаратуучусу катары Коркут-ата тууралуу элдик уламыш бар, ал фольклорист Каллы Аимбетов тарабынан айтуучу Джирад Есемурат (1894-ж. туулган).

Дагы бир Коркуттун кобызды түзүүсү тууралуу каракалпактык уламышы В.Басилов тарабынан өткөн кылымдын 70-жылдары жазылып алынган: «Хазрети-Коркыт тыт багына биринчи кобызды жараткан. Бирок шаймандын үнү ага жаккан эмес. Би радам ага айтат: кылдын алдына коюу керек. Коркыт анын кенешин угат, музыка ага жана адамдарга рахат алып келе баштаган. Коркутту кобыздын ыйык колдоочусу (кобуздун пири) катары эсептешкен. Кобыз ар кандай добуштарды, анын ичинде төөнүн жазгы ашынган кыйкырыгын эске салуучу үндөрдү бере алган. Ошондуктан кобыздун төмөнкү бөлүгүн тери менен каптоо үчүн төөнүн моюнунан алынган; бул милдеттүү шарт болгон. Комуздун ошол бөлүгүн каптаган териде жакшы добуш чыгуусу үчүн анча чон эмес төрт тешик жасаган. Коркуттун 72 окуучусу (шакирти) болгон, алар андан анын искусствосун өздөштүрүшкөн. Коркуттун балдарга арналган оюндары да пайда болгон. Коркуттун балдары үйлөнгөндө, ал майрам уюштурган. Жакырчылыгынан нан таппай, чоподон нан жасап, дасторкондун үстү бош болбосун деп, анын үстүнө койгон. (ошондон бери балдары өзүлөрүн\ оюндары үчүн чеберчилик кылып, чыныгы нерселерди, анын ичинде куурчакты окшоштурушкан)» [Басилов, В.Н. Шаманство у народов Средней Азии и Казахстана [Текст] / В.Н. Басилов. – М.: Наука, 1992. – 328 с.].

Аталган уламышта төмөнкүдөй учурлар көнүлдү бурат: Коркутка мусулмандык «хазрети» - ыйык наамын ыйгаруу, шайманды жасоодогу кандай гана болбосун мистикалык катышуусунун жоктугу (Коркут шайманды өзү жасаган, ал эми жөнөкөй эле бир адам аны жакшыртууга жардам берген). Ошол эле мезгилде Коркутту кобыздын ыйык колдоочусу – пири катары аташкан. Анткени пир – бул руханий устат. Уламышта сакралдык жаныбар – төөнүн катышуу издери – кобыздын жаныбардын ашынган кыйкырыгын чагылдыруу мүмкүнчүлүгү тууралуу кыйла прозаикалуу элестөөлөр менен камтылган. Коркуттун образын төмөндөтүү жана десакралдаштыруу айныксыз.

Бакшылыктагы жана андан да кенири башка элдердин шаманчылыгындагы музыка менен музыкалык шаймандын ролу тууралында жакшы маалым. Баарынан мурда, рухтардын пайда болуусу (келүүсү) менен байланышкан адаттагы учурларга көнүл буруу зарыл. Эреже катары, рухтардын добушу шаман аркылуу берилет. Е.С.Новик жазгандай, «руханий жардамчылардын келиши бир катар акустикалык каражаттар менен чагылдырылган, алардын ичинде үндү окшоштуруу, берүүлөр жана «рухтардын тили», б.а. «башка» үндү жана ушул сыяктуу бет кап же костюмга өткөрүп берүүчү тигил же бул денгээлдеги формалар. Рухтардын чакырыгына келүүчү үндүк мүнөздөмөлөр шамандар тарабынан Сибирдин дээрлик бардык элдери тарабынан колдонулган» [Новик, Е.С. Обряд и фольклор в сибирском шаманизме. Опыт сопоставления структур [Текст] / Е.С. Новик. – М.: Наука, 1984. – 304 с.].

А.Диваев жазат: «Перовдук уезде биз бакшыларды жолуктурдук, алар кезектик берүүлөрдү эн мыкты билишкен, качан ал өзүлөрүнүн рухтарын чакырууга киришкенде ачуу жинде болгон, бизге чочколордун куркулдагандары, иттердин үргөнү, козулардын маараганы ж.б.у.с. жете баштады» [Диваев А. Из области киргизских верований. Баксы как лекарь и колдун. [Текст] Диваев А.//ИОАИЭ. Казань, 1899. Т.XV, вып.3]. Казак бакшыларынын берүүлөрү тууралында А.Затаевич да жазат. И.Чеканинский баса белгилегендей, «бакшылары өзүлөрүнүн дубаларын алыстан чыккан, жагымсыз угулган жумшак ышкырык, шырылдаган үндөр коштолгон, аларда канаттуулардын, жырткычтардын жана үй жаныбарларынын кыйкырыктарын угууга болот» [Чеканинский, И.А. Баксылык: (Следы древних верований казахов) [Текст] / И.А. Чеканинский // Зап. Семипалат. отд. о-ва изучения Казахстана. –Семипалатинск, 1928. – Т.1. –С. 80.]. Кобызда ойноону жана үндү окшоштурууну А.Левшин өзүнүн белгилүү эмгегинде чагылдырган: «Шайман тарабынан берилген тондор, абдан эле орой жана таза эмес. Бирок мен андан табиятка абдан жакын чымчыктардын ырдаганын уктум» [Левшин, А.И. Описание киргиз-казачьих или киргиз-кайсацких орд и степей [Текст] / А.И. Левшин. – СПб.: Тип. Карла Крайя, 1832. – Ч.1: Известия географические. – 264 с.].

Шамандык адаттык музыканын адаттык эмес кобыздык күүлөрдөгү анын ырааттуулук улануусундагы музыка таануучулук мүнөздөмөнү казакстандык этномузыка таануучулар беришкен. «Шамандык камландар сарыны биздин мезгилге чейин музыканын байыркы катмарын жеткиришти, кобыздык күүлөрдүн стили ошонун түпкүрүндө пайда болгон. Шамандар тарабынан табылган музыкалык ойломду орнотуу ыкмалары кобыздык күүлөрдүн мазмунунда жаткандыгын А.Мухамбетова жазат. Андан ары ал кобыздык күүлөрдүн мазмуну тууралында жазып, «кобыз музыкасы адамдардын өлүм жана жашоо, өткөн менен келечектин карым-катнаштарын айырмалап турган, олуттуунун баарын камтып турат. Бул олуттуулук кобыз үчүн музыканы шамандын колунан жырау – байыркы уламыштарды айтуучунун колуна өткөн учурда да таштап кетпейт. Кобыз үчүн шамандык адаттардан тышкары аткарылган өз алдынча пьесалар да шайманды узак культтук колдонуу менен жаралган олуттуу эмоционалдык түзүлүш да өзгөртпөйт» [ Мухамбетова, А.

Казахская традиционная музыка и XX век [Текст] / А. Мухамбетова, Б. Аманов. – Алматы: Дайк-пресс, 2002. – 544 с.].

Биздин мезгилге чейин жеткен кобыздык күүлөр токтобогон аткаруучулук салттардын (XX кылымда Жаппас Каламбаев (1909-1970)) жана Даулет Мыктыбаевдын жардамы аркасында адаттык аспаптардын музыкалаштыруу фрагменттеринин адаттык эмеске өтүүсү туурасындагы ойду иллюстрациялайт. Бул трансформация элдик музыканттар-аспапчылардын (башкалар сыяктуу эле белгилүү заманбап этномузыка таануучу жана композитор, көптөгөн илимий эмгектердин автору И.В.Мациевскийдин пикиринде) кесипкөйлүгү тарабынан колдоого алынган, аспаптарда ойношкон элдик музыканттар бир мезгилде эле кесипкөй болуп калышкан). Шамандык ырым-жырымдагы кобыздык күүлөрдөгү адаттык музыкалаштыруунун негизинде угуу үчүн музыканын пласты пайда болду.

Кобыздык күүлөр өзүнө шамандык адаттын үндүк тарабынын музыкалык калыптануусундагы алгачкы кадамын камтып турат. Жардамы менен аталган өтүү болгон музыканттын белгилүү өздүгү – бул Ихлас Дукенов (1843-1916), ал туурасында академик А.Жубанов советтик идеологияга ылайык мындай деп айтат: «биринчилерден болуп кобыз шамандын колунан чыкты жана аталган кереметтүү элдик аспапты адамзат үнү менен элдин жаны жашоосуна кызмат кылдырды».

Демек, бакшылык – казак шаманчылыгы – казак маданиятынын маанилүү адаттык көрүнүшү. Бакшылык XXI кылымда өзүнүн бардык руханий, идеялык, саясий жана социалдык позицияларын жоготуу менен ал казактардын маданиятынын башкы өзгөчөлүктөрүнө анын руханий негизинде таасир тийгизүүсүн жана ар тараптан анын ар кыл чөйрөлөрүндө көрүнүүсүн уланта берет.

Коркут, шаманчылык жана музыка глобалдуу темасына байланыштуу казак маданиятындагы Коркут-атанын ролуна философиялык маани берүүгө кайрылабыз, аны философия илимдеринин доктору С.Ш.Аязбекова жүзөгө ашырган. Анын пикиринде, «Коркут-атанын дүйнө чыгармачылык феномени дүйнөнүн казактык сүрөтүнүн космоцентризминин өзгөчөлүгүн, тагыраак айтканда: дүйнөнүн гармониясы музыканын гармониясы менен аныкталат, анда музыка маданияттын структуралаштыруучу, Социумдун менталдуу, гармондоштуруучу ядросу катары уникалдуу ролду аткаруусу менен байланышкан [Аязбекова, С. Картина мира этноса: Коркут-ата и философия музыки казахов [Текст] / С. Аязбекова. – Алматы: Компьютерно-изд. центр ин-та философии и политологии МОиН РК, 1999. – 285 с.]. Демек, казак салттуу маданиятынын уникалдуулугун, анын космоцентризмин автор андагы музыканын ааламдык ролу менен байланыштырат. Аталган космоцентризм Коркуттун жардамы менен ишке ашат: «Мындай көп функционалдуулук музыканы көркөм баалуулукка ээ болуп, этностун терен эстетикалык муктаждыктарын канаттандырган маданияттагы музыкалык маалымат катары эле эмес, дүйнө элесин өз алдынча аныктоого жөндөмдүү негизги дүйнө моделдештирүүчү элемент катары да кароого мүмкүнчүлүк берет.

Демек, музыкага дүйнөгө маани берүүдө эле башкы роль берилбейт, Дүйнөнүн өзү Аязбекованын пикиринде «казактар үчүн музыкалык-берилген жана музыкалык-структуралаштырылган көрүнүш болгон. С.Аязбекованын изилдөөсү музыкалык илимдин бирден-бир түбөлүктүү маселелеринин маанилүү чектерин белгилеп, коркут таануу менен музыка таанууда эле эмес, философия менен маданият таанууда да жаны сөз болуп калды, ал анын дүйнө чыгармачылык, жаратуучулук күчтөрүн ойготуучу казак номаддык маданиятынын спецификалуулугунун себебин көрсөткөн.

Байкоо сала турган нерсе, музыканын мындай ролу жана ага жакын маани казак көчмөн маданиятында эле эмес, байыркы маданияттарда да кездешет. В.Шестаков белгилегендей, башкысы байыркы коомдордогу музыкага болгон мамиледеги – аны космологиялык түшүнүү жана ынандыруу, музыка дүйнөнүн үстүнөн падышачылык кылуучу кереметтүү космостук күч болуп эсептелет» [Музыкальная эстетика стран Востока [Текст] / общ. ред. и вступ ст. В.П. Шестакова. – М.: Музыка, 1967. – 414 с.]. Музыка адамдын эле эмес, табияттын, жаныбарлардын, канаттуулардын үстүнөн да бийлик жүргүзөөрү тууралындагы элестөө музыканы жаратуу/ойлоп табуу, музыканттар жана музыкалык аспаптар тууралындагы мифтерде көрүүгө болот. Коркут эле эмес, Орфей жөнүндөгү миф да ушундай. Байыркы гректердин элестөөлөрү боюнча Орфейдин өзү музыканын ойлоп табуучусу болуп эсептелген. Ал аткарган музыка таасир берүүнүн өзгөчө бир күчүнө ээ болгон: ал жапайы жаныбарларды тынчытып, өсүмдүктөрдүн бутактарын ийилтүүгө, ал эми таштарды –кыймылдоого мажбурлаган. Орфей өзүнүн аялы –нимфаны Эвридиканы жоготкон. Сүйүктүүсүн куткаруу үчүн Орфей Аидге түшкөн. Эвридикага жашоого кайтаруу үчүн музыканын үндөрү менен желмогуздуу күзөтчү Аид Керберди коздоп, эриннийди ыйлоого мажбурлайт. Жер алдындагы падышачылыктын Кудайы Персефонду Орфей өзүнүн ыры менен ыйлатканга чейин жеткирген.

Коркут темасына жана музыканын келип чыгуусуна кайрылуу менен белгилей кетүүчү нерсе, казак салттуу маданиятында байыркы коомдорго таандык музыка тууралындагы элестөөлөрдүн ядросу сакталып калган.

Кийинчерек аталган байыркы элестөөлөр ар кыл денгээлде ар кыл коомдордо кайра маани берилип, тарыхый-баскычтык-айырмачылыктар же аймактык, климаттык жана ал тургай саясий жана социалдык кырдаалдарды чагылдырат. Көчмөн маданият чарбачылык менен жашоо-турмуштун байыркы жана маанилүү өзгөчө ыкмаларын «топтоштура» алды. Номаддардын маданияты музыканын сакралдуулугун сактап калды.

Музыканын сакралдуулугу аталган алкакта адам менен коомдун – материалдык, өлүмдүк жана материалдык эмес, өлбөстүк, түбөлүктүү жашоосунун эки планынын кесилишүүсүнүн чекити болуп эсептелет. Сакралдуулукту баштан кечирүү адамзаттык менен кудайлыктын бир учурдагы борбору болуп калат, ал өзү аталган биригүү катары жаралат. Сакралдуулук түшүнүгүн «адамзаттык» менен «кудайлыктын» биригүүсү катары кароо бүгүнкү күнү биздин рационалистик жана атеистик доордо анын сакталуусунун «аралчасы» болуп фольклор жана жалпы эле салттуу элдик маданият болуп калат.

Музыканын уланууучулук эволюциясы, ал акырындык менен өзүнүн сакралдык маанисин жоготуп, музыка, анын угулуусу дүйөнүн жаралуусунун жогорку күчтөрү менен түздөн-түз байланышта катары кабыл алынуусунан калат. Аталган процесс, Кайра Жаралуу доорунан тарта музыканын өнүгүүсү, жанрдык жана түрдүк дифференциация, техникалык жетишкендиктер менен европа маданиятында күчөдү.

«**Казак салттуу маданиятынын заманбап абалы жана изилдөө. Салттуу музыка жана азыркы маданияттагы европа салттарынын композитордук чыгармачылыгы**» аттуу төртүнчү бапта казак маданиятын изилдөөнүн булактары, булактары, салттуу музыка жана заманбап маданияттагы ж.б.у.с. европа салтындагы композитордук чыгармачылык каралат.

*Төртүнчү баптын биринчи параграфы* «**Казак күүсү. Эпос жана эпикалык аткаруучулук. Казак салттуу ыр искусствосу: регионалдык стилдер**».

Улуттук музыкалык маданияттын конкреттүү, кайталангыс, жеке образы, улуттук эстетика социум менен табияттык чөйрөнүн бирдиктүү иш-аракеттеринин, тарыхый курчоосунун жана окуяларынын, диний негиздер менен дүйнө көз караштык түзүлүштөрдүн калыптануусунун натыйжасында этногенездин, маданий генездин жүрүшүндө калыптанат. Андыктан акыркы эки учур негиздүү мааниге ээ, андыктан элдик, салттуу музыка фундаменталдуу түшүнүктөрдү – дүйнөнүн түзүлүшү, жашоо менен өлүмгө, философияга жана адамдардын сезимине болгон мамиле тууралсындагы элестөөлөрдү билдирүү касиетине ээ болот.

Казак салттуу музыкалык маданияты Евразиянын көчмөн цивилизациясынын көп миң жылдык өнүгүүсүнүн натыйжасы катары жаралат. Ага өзүнүн кучагына ата-бабалардын байыркы маданий формаларын жана архетиптерин кабыл алууга жетишти. Үй-бүлөлүк циклдеги ырым-жырымдар, башкы институту, айтыш жана акындык чыгармачылык, жыр – эпос жана жырау айтуучулары, аспаптык музыка – архаикалык жана кеч, композитордук, элдик турмуш-тиричиликтик ырлар жана салдар менен серэнин оозеки-кесипкөйлүк аваздык искусствосу сакталып, өзүнө кылымдар аралыгында коомдун бардык тажрыйбасын сиңирип алуу менен салт болуп, музыкалык аң-сезимге жана чыгармачылыкка өтөт. Урбанизацияланган коомдогу салттуу искусствонун иш алып баруусу, анын кайра жаралуусу жана реконструкциялануусу, сактоо жана модернизациялоо, ааламдашуу шартындагы анын өнүгүүсү жана тагдыры, - анын алып жүрүүчүлөрүнүн, угуучуларынын эле эмес, жалпы эле мамлекеттин да чоң, маанилүү жана чечилбеген көйгөйү. XV кылымдагы казак хандыгынын түзүлүшү туурасындагы тарыхый маалыматтарга ылайык биз таандык кылган казак салттуу музыкасынын башталышы ырааттуу түрдө биздин доорго чейин эле талаа мейкиндиктерин байырлашкан көптөгөн уруулар менен элдердин маданияттары менен байланышкан. Казак салттуу музыкалык маданиятынын жана анын жаратуучуларынын тарыхы туурасындагы маалыматтарды жазма булактардан, анын ичинде тоо бетиндеги сүрөттөрдөн (петроглифы) табууга болот.

Аталган жазма булактар – хроникалар, жыл саноолор, дипломатиялык байланыштар, трактаттар, тарыхый эмгектер – эреже катары, коншу мамлекеттерге тийиштүү (монгол, араб, перс (фарси), кытай, чагатай, орус тилдеринде). Жеке

казактар менен түрктөрдүн да тарыхый материалдары бар. Аталган жазма материалдар сыяктуу эле, акыркы жылдары окумуштуу-тарыхчылар, археологдор табышкан тоо бетиндеги сүрөттөр да – музыкалык илим тарабынан дагы деле аз изилденген. Негизинен окумуштуулар XVIII кылымдын башталышында орус окумуштуулары, кызматтагы адамдар, саякатчылар калтырып кеткен материалдарды колдонушат, алар Казахстанга келип, анын аймагын жана маданиятын изилдешкен. Казактардын салттуу музыкалык маданиятынын тарыхы туурасындагы билимдерди башка тектеш же коншулаш элдердин маданиятын изилдөө менен алууга болот. Музыкалык маданияттын тарыхы боюнча бай булактар болуп музейлик чогултуулар менен коллекциялар, андан тышкары археологиялык табылгалар эсептелет.

Эн жалпы планда казак музыкасынын тарыхын беш этапка бөлүүгө болот, алардын акыркысы оозеки-кесипкөйлүк аваздык жана аспаптык музыка менен байланышкан. Биринчи этап – Борбордук Азиянын маданиятынын өнүгүүсүнүн байыркы мезгили – таш доорунан б.з. биринчи мин жылдыгынын башталышына чейинки менен байланышкан казак музыкасынын тарыхыка чейинки мезгили. Аталган мезгил менен казак музыкасындагы адаттык аспаптык жана вокалдык жанрларды байланыштырууга болот. 1- мезгил. Адаттык жанрлар казак музыкалык маданиятынын пайдубалы катары. Бакшылык. Бакшы ырым-жырымындагы музыка. 2 –мезгил. Байыркы түрк музыкалык маданият. 3 –мезгил. Орто кылымдык түрк маданиятынын гүлдөп өсүшү. Аль-Фараби жана анын Китаб аль-мусики-аль кабир – «Большая книга музыки». Юсуф Баласагунский. «Кутадгу билиг» поэмасы – кантип башкаруу же кантип бактылуу болуу керек экендиги туурасындагы илим. 4-мезгил. Монголдук басып алуу. Алтын орда. 5-мезгил – Казак салттуу музыкалык маданияты – түрк маданиятынын мурасы. Казак оозеки-кесипкөйлүк салт.

Казак инструменталыдк музыкасы XX кылымда алгач олуттуу өз алдынча изилдөөгө дуушар болгон. Биринчи чогултуучулар менен изилдөөчүлөрдү инструментализмдин жогорку деңгээли, чыныгы аткаруучулук жана эпикалык мазмундун терендиги таң калтырат. Аны биринчи жолу А.В.Затаевич белгилеген. Казак аспаптык музыкасы авторлордун ысымдары сакталып калбаган керемет күүлөр менен катар жеке белгилүү чыгармаларды камтып турат, алардын түзүүчүлөрү азыркы жана мурунку мезгилдерде таанымал экендиги белгилүү болгон. Андан тышкары, жакынкы эле учурда регионалдык стили туурасында да маалым болгон.

Күү сөзү (казак тилинен которгондо - абал) Казакстанга кеңири тараган элдик аспаптык музыканын үлгүлөрүн же фрагменттерин билдирет. Республиканын ар кыл региондорундагы аспаптык музыканын салттары географиялык, тарыхый жана маданий кырдаалдарга көз каранды вариацияланат. Географиянын көз карашында аталган аспаптык салттар кеңири маданий ареалдарда – Батыш Казакстанда (Урал, Атырау, Мангыстау), Актөбөдө, Аралда, Аркада, Чыгыш Казакстанда, Жетисуда, Каратуда ачыка чыгарылган.

Казакстандык музыкалык илимде (маданиятта эмес) салттардын – токпе жана шертпе аттуу аныктамасы кабыл алынган. Батыш Казакстандын регионалдык аспаптык салттары токпе (тогу –төгүү, төгүлүү) сөзүнөн келип чыккан.

Шертпе аспаптык салты (шертип ойноо) Борбордук (Арка), Чыгыш, Түштүк (Каратау) Казакстанга, Жетисуга таандык. Токпе жана шертпе – бул ар

кыл региондор менен мектептердин оюндарынын ыкмалары менен эле айырмаланган аспаптык салттар. Бул аспаптык музыканын ар кыл образдык жана мазмундук дүйнөсү, түрдүү жанрлары, формалары, стилдери.

Казак социалистик маданиятынын курулушуна, көчмөн коомдун урбанизацияланусунун башталышына чейин казак салттуу аспаптык музыкасы уланууучулук тарыхый процессте өнүккөн. 1917-жылдагы октябрь революциясынан кийин Казакстан россиялык колониялык чөлкөм катары Советтер союзунун курамына кирген. Демек, ал советтик маданий саясаттын субъектиси болуп калды. Жаңы маданий саясаттын алкагында казак аспаптык музыкасынын салттарына кыйла олуттуу роль таандык болгон. Анын жаратуучулары менен аткаруучулары маданий түзүлүш процессине кире алышкан, эгерде алар жаңы концерттик жана театралдык уюмдардын – оркестрлердин, опералык жана драмалык театрлардын, филармониялардын артистери жана музыканттары болуп калган болсо. Советтик мезгилде (музыкант-инструменталист, жаратуучу жана күүлөрдүн аткаруучусу) көптөгөн күүчүлөр менен ошондой болгон. Улуу Курмангазынын окуучусу Дина Нурпеисова заманбап кесипкөй музыкант статусун алган, демек, качан ал жетимиш алты жаш курагында Алматыга келип, филармонияда иштеп баштаганда социалдык жана материалдык жеңилдиктерди ала баштаган. Уахап Кабигожин, Кали Жантлеуов, Жаппас Каламбаев, Рустембек Омаров, Магауия Хамзин – аталган бардык салттуу музыканттар элдик инструменттер оркестринде (азыр Курмангазы атындагы элдик инструменттер академиялык оркестри) иштешкен. Шертпе салтынын белгилүү музыканты Абикен Хасенов казак драмалык театрында актер болуп эмгектенген.

Советтик маданий саясат шартындагы элдик музыка биринчи кезекте, башкалар үчүн булак жана кыртыш катары чыгармачылыктын салттуу түрлөрү (алар XIX кылымдагы европалык кесипкөйлүк искусствоун түрлөрү менен жанрлары), жаңы социалистик маданияттын түзүлүшү үчүн ийгиликтүү жашай алган. Ал мыйзамдуу жашоого качан анын мазмуну катары жаңы социалдык реалдуулук, андан тышкары социалдык теңдик, революция, Ленин ж.б.у.с. байланышкан темалар болуп калганда гана ээ болушкан.  Ушуга байланыштуу советтик саясий турмуштун окуяларына ырлары менен үн каткан Кенен Азербаевди же жаман күндөргө күү чыгарып, филармонияда иштеген адаевдик күүчү Мурат Ускембаевди эскербей кетүүгө болбойт. Ал тургай улуу Динанын «8-март», «Саанчы», «Сталин туурасындагы күү» (кийин партия жөнүндөгү «Күү» деп аталган).

Казак аспаптык күү салтынын өнүгүүсү Казакстандагы музыкалык билим жана заманбап маданий саясат системасынын жардамы менен эмес, андан кыйгап өтүп уланган. Салтка жаш муундарды тартуу, кылымдар аралыгында мурасты өткөрүп берүү ырааттуулугу катастрофалык төмөндөөдө. Казак аспаптык музыкасы (ар кыл курстагы материалдар, элдик аспаптардагы аткаруучулар үчүн репертуар катары) жарым-жартылй колдонулган музыкалык билим оозеки салттарды сактоону, өткөрүп берүүнү жана өнүктүрүүнү жөнгө салбайт. Окуу процессине же концерттик практикага салттуу музыканттарды

тартуу эпизоддуу жана фрагментардуу, күтүүсүз кырдаалдар менен маданияттын деңгээлинен жана администрациянын акыл-эсинен көз каранды.

Эпос жана эпикалык айтуучулук салттуу түрдө филологдор тарабынан изилденген, бирок этномузыкатаануучулук изилдөөнүн актуалдуулугуна бүгүнкү күнү кайра баа берүү кыйын, эгерде Казакстандын эпикалык (сүйлөмдүк) искусствосунун жандуу оозеки региондук салттарын эске алсак. Бул Казакстандын түштүк-батышынын (Арал-Казалы, Кармакшы), батыштын (Мангыстау), чыгыш менен түштүктүн (Жетысу жана Каратау). Аталган бардык региондор жетиштүү денгээлде изилденген эмес, бирок салттардын этномузыкатаануучулук (ноталык) фиксациясынын башталган процессин белгилей кетүү абзел. Эпикалык тексттерди айтуудагы айтуучулук катышуу окууга же обондук декламацияга жакындабайт. Бул салттуу маданияттын аталган укмуштуу жанрында камтылган руханий маалыматтын барды комплексинин конкреттүү музыкалык-поэтикалык салттарынын өзгөчө аткаруучулук каражаттарын жогорку кесипкөйлүк вокалдык-аспаптык жүзөгө ашыруу.

Элдик-кесипкөйлүк (аныктамалар: элдик-кесипкөйлүк, оозеки-кесипкөйлүк, салттуу чыгармачылыкты биз бирдей негиздерде колдонобуз) аваздык искусство Казакстанда XIX кылымда калыптанып, анын ортосунда аспаптык музыка менен казак маданиятынын классикалык мурасын түзүү менен өнүгүүнүн жогорку деңгээлине жетет.

Казак ырчыларынын керемет аткаруучулук искусствосу, алардын вокалдык чеберчилиги жана креативдик энергиясы аталган социалдык-маданий алкакта өнүгүү жана өркүндөө, татаалдануу үчүн кубаттуу стимулду алышты. Элдик-кесипкөйлүк ырды чыгаруу жана аткаруу кесипкөй ырчыларга (әнші – эн – ыр, әнші - ырчы), кээде акындарга (акын-импровизатор) же кесипкөй эмес музыканттарга таандык.

Элдик-кесипкөйлүк ырды ким аткарат же чыгарат, ошого карата ал дайыма домбранын (XIXкылымдын соңунда) же кыяктын/баяндын аспаптык коштоосунда ырдалат. Аспаптык коштоо – элдик кесипкөйлүк аваздык искусствонун ажырагыс бир бөлүгү жана аны менен ал элдик чыгармачылыктан айырмаланып турат (элдик ырларды аткарууда инструмент дагы катышат).

Бирок элдик-кесипкөйлүк казак аваздык чыгармачылыгы – бул баарынан мурда, вокалдык-аспаптык салт. Салттуу ырчы ырга жана анын аткарылуусуна үн менен инструменттин аталган синтезинде ой жүгүртөт. Андан тышкары, домбранын ыргагынын үн менен болгон айкалышуусун улуттук «үндүк идеал» түзөт, аспаптык коштоо «гармониялык» (вертикалдуу) жана композициялык функцияларга ээ. Аспаптык дублирование аркылуу вокалдык партияны колдоп, аспаптык партия ырдын чыгуусундагы интонациялык мазмунду жалпылайт.

Элдик ырдан элдик-кесипкөйлүк чыгармачылык жанр менен форманы мурастап калган. Бул эки сызыктык он бир татаал строфага негизделген куплеттик форма. Элдик-кесипкөйлүк ыр элдик аваздык чыгармачылыкта иштелип чыккан пентатондук жана диатондук структураларды, обондук жана ыргактык каражаттарды кеңири колдонот. Жанрдык өңүттө элдик-кесипкөйлүлк ыр жарым-жартылай элдик турмуштук жана адаттык ырларды

«алмаштырат». Бул жерде кошок жана коштошуу ырлары да бар. Ар кыл тематиканы – табиятты ырдоо, сүйүү тууарасындагы ж.б. ырларды камтыган лирикалык жанр кеңири берилген.

Маданиятта элдик-кесипкөйлүк ыр чыгармачылыгы өзгөчө артистик жүрүм-турум жана вокалдык аткаруунун сапаты менен бөлүнүп турат. Салттуу ырчылар коюлган үндөргө, чоң демге ээ болушуп, ырда атайын аткаруучулук ыкмаларды колдонушат. Казак элдик-кесипкөйлүк ырчылардын өзгөчө вокалы болуп талаада калыптанган өзгөчө вокалдык «мектептин» айныксыз натыйжасы болуп эсептелет. Элдик-кесипкөйлүк ырчылардын үндөрүнүн мүнөздөмөсү бекеринен элдик – «жез таңдай» - күмүш таңдай, жез асман; көмөкөйүнөн бал тамган ырчы, «деми чоң ырчы» ж.б.у.с. элдик аңызда бекеринен чагылдырылган эмес. Ырчылардын элдик-кесипкөйлүк ырдарды аткаруусунда бай үндүк палитра, ири динамикалык шкала колдонулат - еледен угулуучу пианиссимодон ири фортеге чейин, ичке нюансировка, үндүн тембрдик көп түрдүүлүгү, анын филированиеси жана «үйлөө», артикулятивдик техника.

*Төртүнчү баптын экинчи параграфы* **«Салттуу музыка жана заманбап маданияттагы европа салттарынын композитордук чыгармачылыгы».**

Казакстандын композиторлорунун чыгармачылыгын жаны денгээлде изилдөө – музыкатаануунун актуалдуу эле эмес, татаал милдети. Мындай изилдөө дегеле улуттук республикалардын композитордук чыгармачылыгына болгон карым-катнашын жанылануу талап кылат. XX кылымдагы композитордук чыгармачылыкка болгон ыкмаларды кайрап карап чыгуу зарылчылыгы, биздин пикирибизде, эки себеп менен каралат: а) идеологиялык; б) методологиялык. Себептердин биринчи катары толук түшүнүктүү, таасын жана советтик система менен идеологиялык доктринанын кулашы жана идеологиянын өзгөрүүсү менен байланышкан. Ал өзү менен бирге жөн гана композитордук чыгармычылыктын (советтик маданияттагы, реалдуу баалуулукка карабастан сын-пикирге дуушар болбойт) баалуулук критерийлеринин өзгөрүүсүн эле эмес, коомдогу композитордук искусствонун социалдык жана экономикалык абалынын өзгөрүүсүн алып келди. XX кылымдын формаларындагы композитордук ишмердүүлүк социалдык жана каржылык колдоосун дээрлик жоготту жана маданияттын базарынын предмети болуп калды (же катастрофалуу түрдө болгон жок) деп моюнга албай коюга болбойт.

Себептердин экинчи катары методология менен шартталган. Суроолор жаралат: жаны мезгилдеги музыкалык маданиятты изилдөөнүн методологиясы кандай болуусу керек, азыр бизге салттуу ыкма улуттук-интернационалдык көз караште, музыкалык-көркөм каражаттар деп аталган салттар жана новаторлор жагабы, эмне үчүн музыкалык билим мурунку ыкмалар менен жаныланууга муктаж. Бул, албетте, аталган ыкмалар көптөгөн маанилүү маселелерди тактоодо бизди канаттандырбоосу менен байланыштуу. Эски методология коом менен маданиятта XX кылымда болуп өткөн маданий-тарыхый жана социологиялык өзгөрүүлөрдү көнүл борборуна албайт. Анын ичинде, аталган методология априордук көз караш катары европалык композитордук музыка – универсалдуу жана жалгыз ыктымалдуу музыкалык искусство, дегеле музыканын идеалдуу модели катары негизделген жана кабыл алынган. Ошондуктан,

жубунда улуттук жана интернационалдык, салт жана новаторлук европалык түзүүчү интернационалдык жана новатордук (алдынкы) менен шайкештешттирилген.

Азыр мурун колдонулуучу улуттук жана интернационалдык, салт жана новаторлук түшүнүктөрү аныксыздык катары кабыл алына баштады, алар музыкалык маданияттардын бирдиктүү иш-аракеттер процессинин реалдуу картинасын чагылдыруудан калды. Алар кыйла конкреттүү жана так толуктоого муктаж. Мындай түшүнүктөр композитордук чыгармачылыктын тигил же бул үлгүлөрүн алардын чектери менен (тарыхый, маданий, социалдык) жана мазмундук көлөмү аныкталбагандыгы менен мүнөздөө кыйынга турат. Эн олуттуусу – бул «универсалдуу» музыкалык искусство-европалык композитордук чыгармачылык кырдаалы алмаша баштады, ал музыкалык маданияттагы борбордук орунду ал музыканын өнүгүүсүнүн идеалдуу модели катары чыккан өлкөлөрдө эле эмес, Европанын өзүндө да ээлебей калды.

Баарынан мурда, таасын болгондой европа музыкасы – музыканын тилинин бирден-бир варианты, экинчиден, бардыгы үчүн коомдогу заманбап европалык композитордук музыканын орду вариацияланат – кабыл алуудан толук четке кагылууга чейин. Өткөн кылымдын алтымышынчы жылдары музыкатаанууда жана жалпы эле гуманитардык чөйрөдө европалык музыкалык маданият жападан жалгыз ыктымалдуу маданий модель болуп эсептелбейт, жазма салттардын европалык кесипкөйлүгү-музыкадагы жалгыз кесипкөйлүк эмес, ар бир элде өзүлөрүнүн жогорку руханий баалуулуктары туурасындагы маселе активдүү талкууга алына баштаган, анын кыймылы же ага жетүү ар бир жеке маданияттын манызын түзөт.

Аталган мезгилде улуттук музыкалык тилди изилдөө маселелери актуалдуу боло баштаган. Бул маселелер, бир жагынан изилденип жаткан искусствонун семантикасын, б.а. маани-маныздарын, мазмунун изилдөө үчүн элек керек эмес, музыкалык ойломдун мыйзам ченемдүүлүктөрүнө таандык фундаменталдуу маселелер менен байланышкан. Музыканын мазмуну же маани-манызы, семантикасы маселеси этномузыкатаанууда гана коюлуп, жаны мааниге ээ болгон. Аталган процесске менен катар академиялык музыкатаанууда музыканын ойлому, тили, семантикасы менен байланышкан маселелер иштелип чыга баштаган.

*Диссертациянын бешинчи бапы* «**Музыкалык тил жана казак маданияты**» музыкалык тил жана маданият темасына арналган.

*Бешинчи баптын биринчи параграфы* «**Музыкалык тил категория, тарыхый жана стилистик көрүнүш катары**».

